КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ,
КАРА-СУУ РАЙОНУ
КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О МУ**

6-февраль 2025– жыл № 3/1 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарынын 2024-жыл ичинде социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча шаар мэринин отчету жөнүндө**

Кара-Суу шаарынын 2024-жылы социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча Кара-Суу шаар мэриясынын аткарган иштеринин отчетун угуп жана талкуулап шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаарынын 2024-жылы социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча Кара-Суу шаар мэриясынын аткарган иштери “Канааттандырарлык” деп табылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышы шаардык кеңештин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ,<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О МУ**

6-февраль 2025– жыл № 3/2 Кара-Суу шаары

**Кара - Суу шаарынын 2025-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексин жетекчиликке алып Кара-Суу шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара - Суу шаарынын 2024-жылга бюджетинин кирешеси 384584,0 миң сомго бекитилген, аткарылганы 365 841,9 миң сом.
2. Кара-Суу шаарынын 2025-жылга бюджети кирешелер жана чыгашалар боюнча 590 000,0 миң сом суммасында бекитилсин.
3. Кара - Суу шаарынын 2025-жылга карата бюджетинин киреше бөлүгү тиркемелерде көрсөтүлгөн булактар боюнча түшүүлөрдүн эсебинен түзүлө тургандыгы аныкталсын.
4. 2025-жылга карата чыгашаларды каржылоодо биринчи кезекте корголгон статьялар боюнча (айлык акы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондусуна төлөмдөр, тамактандыруу, калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул) чыгашаларды каржылоо жүргүзүлөт.

1) Чыгашалардын корголгон статьялары бюджеттик мекемелердин штаттык санындагы бош кызмат орундарына жана ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга байланыштуу азайтылышы мүмкүн;

2) Бюджеттик каражаттардын чыгымдалышы жана чыгашалардын статьяларынын максаттуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчилик шаар мэрине, бюджеттик мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын жетекчилерине жүктөлөт.

5. Ар кандай салыктар жана жыйымдар, жерди жана мүлктү ижаралоо үчүн төлөмдөр, түшкөн салыктык жана салыктык эмес түшүүлөр - 100% шаардык бюджетте калат. Шаар мэриясына жана бюджеттик мекеме жетекчилерине атайын каражаттарды казыналык системадан сырткары пайдалануусуна тыюу салынсын. Көрсөтүлгөн тартип бузулган учурда атайын каражаттардын 100 пайызы шаардык бюджеттин кирешесине алынып коюулары эскертилсин.

6. Тармактар боюнча чыгымдар төмөнкүдөй бекитилсин:

1) Башкаруу тармагынын чыгымдары 36277,1 миң сом, анын ичинде:

- шаардык кеңештин эмгек акы 2057,0 миң сом, соцфондко чегерүүлөр 250,2 миң сом, сапар чыгымдары 350,0 миң сом.

- шаар мэриясынын эмгек акы 16643,1 миң сом, соцфондко чегерүүлөр 2304,0 миң сом, резерв фонду 5896,0 миң сом, сапар чыгымдары 750,0 миң сом.

2) Шаардын муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин чыгымдары 296 730,1 миң сом, анын ичинен эмгек акы (1-тиркемеге ылайык) 9591,5 миң сом, соцфондко чегерүүлөр 1496,6 миң сом, жашылдандыруу жана формовкага 2000,0 миң, ар түрдүү чыгымдар 19 765,0 миң сом, башка чыгымдарга 5950,0 миң сом департаменттин имараттар жана курулуштар беренесине каралган 257 926 926 мин сом акча каражаты төмөндөгү иштерге каржылансын.

Имараттар жана курулуштар беренесине каралган 257 926 926 сом акча каражаты төмөндөгү иштерге каржылансын:

| | |
|---|---|
| Ж.Бөкөнбаев багына күрөшкана, бассейн, көк залды оңдоп түзөө | 37 000 000 |
| Шагыл, цемент сатып алуу | 2 000 000 |
| Нурахунов көчөсүнө тротуар латок | 8 000 000 |
| Ак-Өргө №4-көчөгө асфальт төшөө | 5 437 598 |
| Савай көчөсүн асфальттоо | 5 132 087 |
| Арашан кичи шаарчасына аллея курууга | 3 000 000 |
| Культурная көчөсүндөгү асфальтты капиталдык оңдоого | 8 047 517 |
| А.Хакимов, Чотонов, Салиева көчөлөрүнүн асфальттын жыртыктарын жамоого | 1 500 000 |
| Саттаров көчөсү асфальт, лоток, тротуар, | 10 456 359 |
| Аматов көчөсүндөгү көп кабаттуу үйлөрдүн алдына стяжка куюу | 876 140 |
| Газпром футболдук кичи аянтын оңдоп түзөө | 1 679 356 |
| Ж.Аматов көчөсүн асфальттоо, лоток, тротуар жарыктандыруу | 20 000 000 |
| Тельман Ж.Маккамбаев көчөсүн асфальтын капиталдык ондоо | 8 896 154 |
| Юбилейный кичи шаарчасына№12,14 көп кабаттуу үйлөрдүн алдына аллея курууга | 2 700 000 |
| Боронбаев көчөсүн асфальттоо | 3 188221 |
| Беккари чуңкурун казуу иштерине | 3 500 000 |
| Тельман №12 көчөсүн асфальттоо | 6 273 100 |
| Ак-Өргө айылына бала бакча курууга | 15 000 000 |
| Айыков көчөсүнө балдар аянтчасына куруу, көрктөндүрүү | 2 200 461 |
| Присавай №131 мектепке ашкана куруу | 597 496 |
| Рахманалиев мектебине суу кампа, септик куруу | 483 303 |
| Калмурзаев мектебине суу кампа куруу | 323 918 |

| | |
|---|---|
| Кенеш көчөсүн асфальттоого | 1 613 148 |
| Ж.Аматов көчөсүнө лоток орнотуу | 478 153 |
| ЛЭД (LED) экранды сатып алууга | 1 000 000 |
| Шархансай темир тосмо менен тосуу | 566 532 |
| Бакиев көчөсүн асфальттоо | 3 241 298 |
| Бакиев көчөсүн лоток орнотуу | 2 800 000 |
| Бакиев көчөсүнө балдар аянтчасын куруу | 1 133 519 |
| Конурат айылындагы Арыкбаев, Аданбаев, Квартальный көчөлөрүн асфальттоого | 12 000 000 |
| Коңурат айылына 37 даана столба орнотуу | 1 022 734 |
| Коңурат Калмурзаев мектебине темир навес куруу | 240 000 |
| Абдрахманов көчөсүн асфальттоо, | 2 662 698 |
| Конурат айылындагы суу резервуар үчүн КТП 160 КВА | 800 000 |
| Присавай айылына суу резервуар үчүн КТП 160 КВА | 800 000 |
| Баймуратов көчөсүн асфальттоо | 9 958 819 |
| Тельман кичи футбол аянтчасынын үстүн жабуу | 3 035 626 |
| Присавай, Эркин, Конурат, Тельман канал арыктарды тазалоо | 1 500 000 |
| Киров Абдуллаев көчөсүн асфальттоо | 3 679 662 |
| Бакыт-Нуру бала бакчасынын жайкы ашканасын куруу | 1017482 |
| Эркин участкасынын сугат суу үчүн насос | 9 594724 |
| Эркин участка Манас көчөсүн асфальттоо | 8 000 000 |
| Эркин участкасы Абдразаков көчөсүн асфальттоо | 9 350 000 |
| Миялы айылынын сел өткөрүүчү каналын тазалоо, таза суу кампаларын жаңылоого | 2 000 000 |
| Эркин участкасына 60 даана столба сатып алуу | 570 000 |
| Ак-Өргө №15 көчөсүнүн асфальттоого | 5 000 000 |
| Нурахунов, Султан-Абад участкасы | 8 000 000 |
| Жалал-Абад көчөсүнө лоток орнотуу | 1 000 000 |
| Советский көчөсүн асфальттоо | 2 000 000 |
| Центральный көчөсүн асфальттоо | 2 177 974 |
| Долон-Чек көчөсүн асфальттоо | 2 500 000 |
| Тельман Ө.Саипов көчөсүнө асфальтоого | 3 671 000 |
| Ак-Өргө айылына №14 көчөгө жолду тегиздөө, агын суу өтүүчү арыгын бетондоого | 500 000 |
| Присавай айылына суу тартууга | 6 200 000 |
| Гагарин, Терешкова көчөлөрүн асфальттоого | 1 000 000 |

3) Коммуналдык тейлөөнүн чыгымдары 58 884,2 миң сом, анын ичинен 16 кварталдык комитеттердин төрагаларынын, аксакалдар соту, аксакалдар кеңешинин эмгек акы 1080,0 миң сом, соцфондко чегерүүлөр

186,3 миң сом, аксакалдар кеңешинин жана аксакалдар сотунун төрагаларына материалдык жардам 30,0 миң сом, "Кара-Суу Тазалык" муниципалдык ишканасына: катуу жана суюк таштанды алып чыгууну уюштурууга – 12 000,0 миң сом субсидия, техникаларын оңдоого 1000,0 миң, асенизатор 300,0 миң, кредитордук карызы үчүн 370,0 миң Кара-Суу Тазалык ижара акы – 800,0 миң сом, кредиттин пайыздык төлөмдөрүн төлөөгө 5000,0 миң сом, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү көмүр менен камсыздоого 500,0 миң сом, башкы планды даярдоого топосьемкага 10 000,0 миң сом, суу төлөмдөрү ФАПтар 3191,0 миң сом, Кара-Суу Таза-Суу МИ муниципалдык мекемелерди таза суу менен камсыздоого 7000,0 миң, Кара-Суу Таза-Суу МИ билдирүүлөрдүн негизинде суу үчүн 6300,0 миң субсидия, сибир жарасынын чордондорун залалсыздандырууга 50,0 миң сом, СЭС көп кабаттуу үйлөрдү дезинфекциялоо 100,0 миң, Орозбаев көчөсүнө дем берүүчү грантка өздүк салым 3982,1 миң сом, техникалык көзөмөлгө 541,0 миң сом, агрардык чарба жүргүзүү ишканасына колдоо максатында 1000,0 миң сом, кеңсе буюмдарын жана товарларды сатып алууга жана төлөмдөр 2740,0 миң сом, участкалык инспекторлордун техникалык базасын чыңдоого 500,0миң, Присавай айылындагы жерди трансформациялоого 1800,0 миң, Өзбекстандан өтүүчү жерди өздөштүрүүгө 200,0 миң сом.

4) Маданият тармагына 2000,0 миң сом.

5) Кара-Суу шаарынын дене-тарбия жана спорт бөлүмү МИ чыгашалары 13805,1 миң сом, анын ичинен эмгек акы (2- тиркемеге ылайык) 2840,3 миң сом, соцфондко чегерүүлөр 374,0 миң сом, спорт оюндарын уюштурууга 200,0 миң сом, спорт оюндарынын сапар чыгымдарына 6245,8 миң жабдуу жана материалдарды сатып алууга -2000,0 миң сом.

6) Мектепке чейинки мекемелеринин чыгымдары 23101,0 миң сом, анын ичинен, ижара акысы 2 280,0 миң, көмүр сатып алууга 3000,0 миң, электр энергиясы үчүн 900,0 миң, СЭС кызматына дезинфекциялоо 240,0 миң

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Мөлтүр-Булак б.б. | 800 000 |
| 2. | Мээрим б.б | 800 000 |
| 3. | Айданек б.б | 800 000 |
| 4. | Айданек филиалы | 4 741 000 |
| 5. | Берекем | 600 000 |
| 6. | Байзак | 600 000 |
| 7. | Бакыт-Нуру | 800 000 |
| 8. | Ак-Дил | 600 000 |
| 9. | Нурданек | 800 000 |
| 10. | Бал-Береке (Коңурат айылы) | 700 000 |
| 11. | Баластан-Нуру | 800 000 |
| 12. | Келечек | 700 000 |
| 13. | Тельман комплекси | 3 940 000 |

7) Билим берүү мекемелеринин чыгымдары 13490,7 миң сом, анын ичинен №131 негизги мектебине 250 миң, Х.Турсунов 450,0 мин, №134 мектепке 650,0 миң, Рахманалиев мектебине 1000,0 миң, Манас мектебине

50,0 миң, С.Маматов мектебине 513,7 миң сом, мектептердин камераларын оңдоого 1000,0 миң, парта столдорду сатып алууга 1000,0 миң, мектептерге олимпиадага катышуучуларга 300,0 миң, көмүр сатып алуу 3530,0 дем берүүчү грантка өздүк салым 4487,0 миң сом, СЭС кызматына дезинфекциялоо 260,0 миң.

8) Социалдык коргоо тармагы 7 500,0 миң сом, анын ичинен өзгөчө кырдаалга 590,0 миң, аз камсыз болгондордун таза суу үчүн төлөмдөрүнө 600,0 миң .

9) Маданият үйү 2245,7 миң анын ичинен эмгек акы 1096,4 миң сом, соц.фонд 149,3 миң сом.

10) Балдар үйүнүн тамак ашына 883,3 миң сом.

11) Китепкананын чыгымдары 726,8 миң жалпы чыгымдары анын ичинен 587,6 миң эмгек акы 89,2 миң сом соц.фондго чегерүүлөр.

12) Агрардык чарба жүргүзүү ишканасынын эмгек акысы 954,8 миң сом соц.фонд 109,6 миң, коммуналдык чыгымдары 50,0 миң.

13) Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы ММБД 2024-жылдагы 39 120 018 сом өлчөмүндөгү кредитордук карызын шаар мэриясынын 7121,2 сом кредитордук карызы 2025-жылдын бюджетинен эсебинен ажыратылып берилсин.

7. “Кара-Суу 11.90” муниципалдык ишканасына 2024-жылдын калдык акча каражатынын эсебинен 300,0 миң сом мүчөлүк акы төлөнүп берилсин.

8. Ушул токтомдун 6-бөлүгүнүн 2-пунктунда каралып берилген имараттар жана курулуштар беренисиндеги аткарылуучу иштердин кезеги менен аткарылышы камсыз кылынсын.

9. Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы Кара-Суу тазалык МИ 2 штаттык бирдик, Агрардык чарба жүргүзүү МИ 2 штаттык бирдик кыскартылып, Маданият үйүнө 1 штаттык бирдик кошуу менен бекитилсин.

10. Алты айдын жыйынтыгы менен үнөмдөлгөн жана кошумча кирешени кароодо каражат биринчи кезекте С.Маматов о.м спорт залына, Тельман мектебине жана Манас мектебине дааратканасынын, Тельман айылынын №13 көчөсүнө жана Тельман айылынын Бесанур маркетинен баштап 400 метр аралыкка асфальттоого смета жасоо менен сунуштоого, Ак-дил 3 сааттык балдар бакчасына беседка курууга каралсын.

11. Кара - Суу шаар мэриясы 2025–жыл ичинде жергиликтүү бюджетти аткарууда төмөндөгүлөрдү киргизүүгө укуктуу:

- эгерде бул шаардын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүн азайтууга алып келбесе, ушул токтомдо бекитилген суммалардын чектеринде ушул токтомдун тиркемесин өзгөртүүлөргө;

- керектүү учурларда бюджеттин чыгашалар бөлүгүнө киргизилген өзгөртүүлөргө байланыштуу акча каражатын шаардык кенеште каралганга чейин шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясынын макулдугу менен иштетүүгө;

- кирешелердин болжолдонгон кирешелеринин ашыкча түшүүлөрүнүн эсебинен шаардын жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн көбөйтүүнү карап чыгууга;

- тиешелүү органдар тарабынан кабыл алган ченемдик актыларды кабыл алуудан келип чыгуучу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджети менен Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин өз ара эсептешүүлөрүнө тактоолорду киргизүүгө;

- бекитилген планга тактоонун негизинде өзгөртүү киргизүүгө.

12. Ушул токтом 2025-жылдын 1-январынан колдонууга киргизилсин, бул токтомдун аткарылышы шаардын мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңештин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

Кара-Суу шаардык кеңешинин
2025-жылдын 6-февралындагы
III сессиясынын 3/2
токтомуна 1 тиркеме

**Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин штаттык саны жана эмгек акыларынын өлчөмү**

| № | Кызматтардын аталышы | Штаттын саны | Эмгек акы өлчөмү |
|---|---|---|---|
| 1 | Директор | 1 | 25661 |
| 2 | Башкы адис | 1 | 26949 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 | 26717 |
| 4 | Адис | 3 | 21298 |
| 5 | Чарба башчысы | 1 | 17324 |
| 6 | Электрик | 3 | 15434 |
| 7 | Айдоочу | 2 | 14960 |
| 8 | Күзөтчү | 3 | 11107 |
| 9 | Тазалоочу | 2 | 8800 |
| 10 | Багбан | 2 | 8800 |
| 11 | жумушчулар | 14 | 8800 |
| | **Баардыгы** | **34** | |

Эскертүү: Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 Жарлыгынын негизинде жетекчинин эмгек акысы мэриянын бөлүм башчысынын эмгек акысы менен теңештирилип, башкы адиске –башкы адистин, жетектөөчү адиске-жетектөөчү адистин, адиске – адистин эмгек акысы төлөнөт. Эмгек акысына иштеген жылдарына жараша үстөк пайыз төлөө, жумушка жөндөмдүүлүгү үчүн 10%, он үчүнчү эмгек акы төлөнүп берилет. Кичи тейлөөчү персоналдар менен техникалык тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” №433 токтомунун негизинде төлөнүп берилет.

**Кара-Суу шаардык кеңешинин**
**жооптуу катчысы** **Ж.Акылбек кызы**

Кара-Суу шаардык кеңешинин
2025-жылдын 6-февралындагы
III сессиясынын №3/2
токтомуна 2 тиркеме

**Кара-Суу шаарындагы дене тарбия, спорт бөлүмү муниципалдык ишканасынын штаттык саны жана эмгек акыларынын өлчөмү**

| № | Кызматтардын аталышы | Штаттын саны | Эмгек акы өлчөмү |
|---|---|---|---|
| 1 | Директор | 1 | 29568 |
| 2 | Бухгалтер | 1 | 25898 |
| 3 | Адис | 1 | 18480 |
| 4 | Күзөтчү | 1 | 10561 |
| 5 | Тазалоочу | 1 | 8800 |
| 6 | Жумушчу | 1 | 8800 |
| 7 | Күзөтчү | 1 | 10561 |
| 8 | Тазалоочу | 1 | 8800 |
| | **Баардыгы** | **8** | |

Эскертүү: Муниципалдык ишкананын кызматкерлеринин эмгек акы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” №185 токтомунун негизинде төлөнүп берилет.

**Кара-Суу шаардык кеңешинин**
**жооптуу катчысы** **Ж.Акылбек кызы**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ,
КАРА-СУУ РАЙОНУ
КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

# **Т О К Т О МУ**

6-февраль 2025– жыл № 3/3 Кара-Суу шаары

**“Шаардын аймагындагы мамлекеттин фондунун жерлерин ижарага берүүдө баштапкы баасын бекитүү жөнүндө”**

Кара-Суу шаар мэриясынын 2025-жылдын 21-январындагы №01-13/103 сандуу чыгыш катын жана Кара-Суу шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 21-январындагы отурумунун №1 протоколдук чечимин карап чыгып жана талкуулап шаардык кеңеш **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарынын аймагындагы Мамлекеттик фондунун жерлерин аукцион аркылуу ижарага берүүдө баштапкы баасы төмөндөгүдөй бекитилсин:

1) Суулуу жерге 1га- 7000 сом
2) Кайракы жерге 1га-700 сом
3) Бактарга 1га- 5000 сом
4) Чөп чабынды кайракы жерге 1га-500 сом.

2. Бул токтомду мыйзам чегинде аткаруу шаар мэриясына милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык
кеңешинин төрагасы Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О МУ

6-февраль 2025– жыл № 3/4 Кара-Суу шаары

**“Коңурат айылындагы жер аянтынын максаттык багытын өзгөртүү жөнүндө”**

Кара-Суу шаардык кеңешинин депутаты Т.Кырбашевдин 2024-жылдын 20-декабрындагы билдирүүсүнүн жана Кара-Суу шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 21-январындагы отурумунун №1 протоколдук чечимин карап чыгып жана талкуулап шаардык кеңеш **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарынын Коңурат айылынын 245-156-контурундагы калктуу конуштун жерлери категориясындагы 14,53 га жер аянтынын ичинен 0,18 га жер аянтынын максаттык багытын социалдык обьектин жерине (спорттук аянтча) өзгөртүүгө макулдук берилсин:

2. Тиешелүү мекемелер менен иш кагаздарын тактоо жүргүзүү жана токтомду мыйзам чегинде аткаруу шаар мэриясына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О МУ**

6-февраль 2025– жыл № 3/5 Кара-Суу шаары

**“Шаардын аймагындагы мунапыска кирген жер участокторунун өлчөмүн бекитүү жөнүндө”**

**Кара-Суу шаар мэриясынын 2025-жылдын 3-февралындагы №01-13Ү286 сандуу** чыгыш катын жана Кара-Суу шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 6-февралындагы отурумунун №2 протоколдук чечимин карап чыгып жана талкуулап шаардык кеңеш **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарынын аймагындагы Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 1-апрелиндеги “Жер укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндөгү” № 21 мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” № 291 токтому менен бекитилген Жобонун негизинде Кара-Суу шаарынын аймагындагы жалпы мунапыска кирген калктуу конуштун ичиндеги жер аянттарга жеке турак жай куруу үчүн жер участогунун өлчөмү 25 сотыхка чейин деп белгиленсин:

2. Бул токтомду мыйзам чегинде аткаруу шаар мэриясына милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О МУ**

6-февраль 2025– жыл № 3/6 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарындагы үй-бүлөлүк зордук зомбулукту токтотуу боюнча жергиликтүү комитетинин курамын жана 2025-жылга карата иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кара-Суу шаар мэриясынын 2025-жылдын 29-январындагы №01-20/62 сандуу катын угуп жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаарынын үй-бүлөлүк зордук зомбулукту токтотуу боюнча жергиликтүү комитетинин курамы бекитилсин. (№1 тиркеме)
2. Кара-Суу шаарындагы үй-бүлөлүк зордук зомбулукту токтотуу боюнча жергиликтүү комитетинин 2025-жылга карата иш-чаралар планы бекитилсин. (№2 тиркеме).

3. Шаар мэриясы Кара-Суу шаарындагы үй-бүлөлүк зордук зомбулукту токтотуу боюнча жергиликтүү комитет менен биргеликте 2025-жылга карата бекитилген иш-чаралар планы аткарууга алынсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кеңешинин социалдык маданий маселелер, маалымдуулук жаштар жана аялдар саясаты, спорт, илим, билим, саламаттыкты сактоо боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

Кара-Суу шаардык кеңешинин
2025-жылдын 6-февралындагы
III сессиясынын №3/6
токтомуна №1 тиркеме

**Кара-Суу шаарынын Үй-бүлөлүк зордук зомбулукту алдын алуу боюнча, 2025-жылга карата КПНСтин жаңы курамы**

**А.Адыбаев-вице мэр, комитеттин төрагасы**

**Д.Канаева –жетектөөчү адис, комитеттин катчысы**

| № | Мүчөлөрү | Кызматы |
|---|---|---|
| **ҮБЗТКнын иш-алып баруучу курамы** | | |
| 1 | Бекташева Толкунбү Бердикуловна | Кара-Суу шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары |
| 2 | Орозбаева Тиллакан | Депутат |
| 3 | Бегматова Айнура | Депутат |
| 4 | Атабаева Дильфуза | Аялдар кеңешинин төрайымы |
| 5 | Бакыева Сүйүмкан | Депутат |
| 6 | Шакеева Курманжан | Депутат |
| 7 | Канаева Динара | Жетектөөчү адис |
| 8 | Кыдыралиева Чолпон | Соц.адис |
| 9 | 1.Мамаразыков Мамарасул-1квартал<br>2.Сайдрахманова Адалат-2 квартал<br>3.Абдувалиев Хасан-3 квартал<br>4.Турабаев Садык 4-квартал<br>5.Насыров Абсалам -5 квартал<br>6.Балтабаев Азамжон-6 квартал<br>7.Досаева Мавлюда-8 квартал<br>8.Жумабаев Мойдин-9 квартал<br>9.Абдураимов Ахмадали-10 квартал<br>10.Махмудханов Зикирилло-11 квартал<br>11.Батыров Арифжан -12 квартал | Кв.ком төрага, төрайымдары<br><br>Кварталдык аймактарда түшүндүрүү иштерин өткөрүүгө жооптуу |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| 10 | Төлөнов Толубай | Аксакалдар сотунун төрагасы |
| 11 | Урозов Жолдошбай | Аксакалдар сотунун |
| 12 | Жолдошева Айкен | Врач нарколог |
| 13 | Тажимаматова Калыскан | А.Абдуллаев ҮТД жетекчиси |
| 14 | Толубаева Динара | ИДН инспектор |
| 15 | 1.Мамажанова Айжамал- “Манас” о.м<br>2.Кожошева Миргүл-“Рахимов” мектеби<br><br>3.Ырысбекова КайрынсаХ.Турсунов мектеби<br>4.Исраилов Салижан -№134 мектеп<br>5.Туманбаева Лазокат-“Ленин” мектеби<br>6.Мамасабиров Мамасадык-“Бобур” мектеби<br>7.Абдуллаева Нүргүл Тельман мектеби<br>8.Аданова Айдана – А.Рахманалиев мектеби | Мектеп соц.педагогдору<br><br>Тиешелүү билим берүү мекемелеринде ҮБЗТ иш-чарасын өткөрүүгө жооптуу |
| 16 | Эрменова Гулиза | Шаардык ҮДТ жетекчиси |
| 17 | Темиров Шавкат | Киров айыл башчсы |
| 18 | Чаканов Абдумиталип | Тельман айыл башчысы |
| 19 | Батай уулу Калыбек | Ак-Өргө айыл башчысы |
| 20 | Эркинбаев Нурбек | Аймактык тескөөчү |
| 21 | Кыдыров Кыязбек | Аймактык тескөөчү |

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин жооптуу катчысы** **Ж.Акылбек кызы**

Кара-Суу шаардык кеңешинин
2025-жылдын 6-февралындагы
III сессиясынын №3/6
токтомуна №2 тиркеме

Кара-Суу шаарынын ҮБЗТКнин 2025-жылга карата “Үй-бүлөлүк зордук зомбулукту алдын алуу” боюнча

**иш-чаралар планы**

| № | Иш-чаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуулар | Күтүлүүчү жыйынтык | Болжолду у сумма |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жергиликтүү бюджеттен социалдык экономикалык өнүктүрүү программасына кирген үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо, тиешелүү иш алып баруучу курамды кайра бекитүү, иш-чараларды ишке ашыруу боюнча каражат бөлдүрүү | Январь | Комитет мүчөлөрү, Шаар мэриясынын адистери | Зордук зомбулук алдын алынат, коомчулук маалымат алат | |
| 2 | Шаар тургундарына комитет мүчөлөрү аркылуу маалымат таратуу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, үй-бүлөлүк зомбулук боюнча мониторинг уюштуруу, каттоо | Ар бир квартал | Комитет мүчөлөрү, шаар мэриясынын адистери | Коомдо зордук зомбулук жоюлат | 5 000 |
| 3 | ҮБЗТК мүчөлөрүнүн отурумдарын уюштуруу, жарандар, жаштар, кыз-келиндер жана мигранттын балдарын катыштыруу менен онлайн анкета сурамжылоо уюштуруу(гугл опрос) | Февраль | Комитет мүчөлөрү, | Шаарда зордук зомбулукка дуушар болгондор аныкталат, катышуучулар аноним | 5 000 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | билдирүүлөрүн берет | |
| 4 | Шаар аймагында жашаган үйбүлөөлөргө жана билим берүү мекемелерине ГАЛС методологиясы менен тренинг өтүү. Шаар аймагынан (жалпы 60) үй-бүлөөнү тартуу | апрель | Комитет мүчөлөрү, | З.з алдын алынат, аялдарга жана кыз-келиндерге болгон басмырлоо азаят, гендердик теңчиликке жетүүнү үйрөнүшөт. | **50 000 сом** |
| 5 | Тажрыйба алуу психологдун баарлашуусун уюштуруу(зордук зомбулукка кабылгандарга жеке психологдун консультациясын уюштуруу) (13мектепке) (60 кыз-келиндерге) | 2-квартал | Комитет мүчөлөрү, | Жарандар жана жаштар керектүү маалымат алат, стресс жаман ойлордон арылат | **80 000** |
| 6 | Зордук зомбулукту алдын алуу боюнча ар бир кварталдын төрага, төрайымдары менен байланыш группалары менен тыгыз иштөө (whatsapp, telegram) | Жыл ичинде | Комитет мүчөлөрү, | Зомбулукту алдын алуу процессии жүрөт ар бир кв.ком башчылары өз кварталы боюнча маалымат берет | |
| 7 | Кыз келиндердин ден-соолугуна кам көрүү, эне-жана баланын өлүмүн алдын алуу максатында акысыз медициналык консультация жана медициналык кароодон өткөрүү (Акушер,гинекологдун, УЗИ,Томаграфия,консультациясын уюштуруу) | апрель | Комитет мүчөлөрү, | | **100 000** |
| 8 | Шаар тургундарын акысыз юридикалык маалымат алуу күнүн уюштуруу | апрель – май | Комитет мүчөлөрү, | Жарандар акысыз укуктук кеңеш | **Акысыз** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | алышат. | |
| 9 | Элеттик аялдар күнүн өткөрүү (райондук денгээлде өткөн жарманкеге ишкер аялдарды катыштыруу) | 17-июнь, июль | Комитет мүчөлөрү, бей өкмөт уюмдарды катыштыруу | Ишкер аялдардын эмгеги бааланат, колдоо көрсөтүлөт | **50 000** |
| 10 | Зордук зомбулукту алдын алуу максатында мектеп окуучулары жана соц.педагогдор менен окуу (тренинг) уюштуруу билим берүү мекемелеринде окуучулар ата-энелер жана мугалимдер катышуусунда чогулуштарды уюштуруу ага ҮБЗТК нин ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат берүү | Сентябрь октябрь | КПНСтин курамы | Ынтымак бекемделет, достук мамиле түзөлөт, зордук зомбулук алдын алынат | **25 000** |
| 11 | 11-октябрь “Эл аралыккыздаркүнүнө карата” кыз-келиндерди ийгиликтүү ишкер айымдар менен жолугушуу күнүн уюштуруу, ишкер аялдарды шыктандыруу максатында бизнес тренинг, финансылык сабаттуулук курстарын өтүү | Октябрь | Комитет мүчөлөрү, | Кыздар өзүн өнүктүрүүгө мотивация алат, максаттары калоолору аныкталат | **45 000** |
| 12 | Зордук зомбулукка каршы 16-күндүк акциясын уюштуруу<br>Жалпы мекеме ишканаларды, билим берүү мекемелерин, шаар тургундарын тартуу;<br>Иш-чарага жалпы мектеп окуучуларын тартуу; | ноябрь декабрь | Комитет мүчөлөрү, Шаар мэриясынын адистери, шаардык кеңештин КПНСтеги курамы | Коомчулук зордук зомбулукка каршы максатын жеткирет, зордук зомбулук алдын алынат. | Иш чарага сметага ылайык **125 000**<br><br>**Жалпы сумма: 500 000** |

.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О М У

6-февраль 2025– жыл | № 3/7 | Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарындагы Курбанов көчөсүнүн атын өзгөртүү жөнүндө**

Кара-Суу шаарынын Киров айылынын тургундарынын арызынын жана Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө» Мыйзамынын негизинде Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарындагы Киров айылынын **Курбанов** көчөсүнүн аты шаарга көп жылдык үзүрлүү эмгеги сиңген “**Пазылов Алижан”** атындагы көчө деп атоого тиешелүү иш кагаздары такталгандан кийин мыйзам чегинде уруксат берилсин.
2. Кара-Суу шаар мэриясы **Курбанов** көчөсүнүн жашоочулары менен жолугушуу уюштуруу аркылуу көчөнүн аты өзгөртүлүп жаткандыгы боюнча жеринде тиешелүү иштерди алып барсын.

3. “**Пазылов Алижан”** атындагы көчөнү таза кармоо, көрктөндүрүү, жашылдандыруу, жакшы абалда кароо жана аты өзгөрүлгөндүгүнө байланыштуу келип чыккан чыгымдарды көтөрүү жагы Пазылов Алижандын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнө милдеттендирилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын мыйзам чегинде камсыз кылуу Кара-Суу шаар мэриясына, көзөмөлдөө Кара-Суу шаардык кеңешинин мыйзамдуулук, укук, мандат, тартипти чыңдоо, кеңештин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О М У

6-февраль 2025– жыл № 3/8 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаардык кеңешинин 2025-жылга иш-планын бекитүү жөнүндө**

Кара-Суу шаардык кеңешинин 2025-жылга карата иш-планын карап жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаардык кеңешинин 2025-жылга карата иш-планы бекитилсин.(тиркеме №1)

2. Иш-планда көрсөтүлгөн иш-чаралар мөөнөтүндө, кынтыксыз аткарууга алынсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын .

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

Кара-Суу шаардык кеңешинин
2025-жылдын 6-февралындагы
III сессиясынын №3/8
токтомуна 1-тиркеме

**Кара-Суу шаардык кеңешинин 2025-жылга Типтүү иш планы**

| № | **Шаардык кеңештин сессиясында каралчу маселенин аталышы** | **Сессия өтчү күн** | **Каралчу маселелер тууралуу кыскача маалымат** | **Жооптуу адам, аткаруучу (*адис, мекеменин, уюмдун жетекчиси*)** | **Бул маселе боюнча жооптуу шаардык кеңештин туруктуу комиссиясы** | **Жарандардын ЖӨБгө катышуусунун формасы** («ЖӨБ жөнүндө» КР Мыйзамынын 19,61,63-беренелери) | **Маселени карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча ШК кабыл алган чечим (тескеме, токтом);** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.** | Шаардык кеңештин иш планын бекитүү. Туруктуу комиссиялардын 2025-жылга иш планын бекитүү | Январь | 2025-жылга шаардык кеңештин иш планын талкуулоо жана бекитүү. 2025-жылга иш пландарынын долбоорлору боюнча ШК туруктуу комиссияларынын төрагаларын угуу жана аларды бекитүү. | Т.Б.Бекташева Ы.Чирмашов Р.Х.Хатамов Д.Э.Атабаева Б.А.Каримов Айти у Айбек Акылбек к Ж. | Т.Б.Бекташева Ы.Чирмашов Р.Х.Хатамов Д.Э.Атабаева Б.А.Каримов Айти у Айбек ШК сессиясында баяндама жасашат. | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын шаардык кеңештин сессияларына катышуусу. | 2025-жылга ШКтын жана туруктуу комиссиялардын иш пландарын кабыл алуу. Шаардык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| **2.** | 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча шаардык аймактагы | Январь | Шаар мэринин, муниципалдык ишканалардын отчету | Шаар мэри, ФЭБ жетекчиси | Шаардык кенештин депутаттары | Жарандардын жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасынын аткарылышы тууралуу Шаар башчысынын отчету | | Шаардык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасынын аткарылышы тууралуу Шаар мэринин отчетун угуу.<br><br>ШК депутаттарынын пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу менен шаар башчысынын отчетун бекитүү же башка чечим кабыл алуу. | | | жыйындарга, ШК ачык сессияларына катышуусу. | |
| **3.** | Өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар Планы) эсепке алуу менен 2025-жылга жергиликтүү бюджеттин такталган долбоорун бекитүү. | Январь | Такталган жергиликтүү бюджеттин долбоорун угуу:<br>-Шаардын башчысын (ФЭБ башчысын),<br>-ШКтин туруктуу комиссиясынын төрагасы,<br>-башка кызыкдар адамдардын өнүгүү программаларын жана пландарын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар Планы) эсепке алуу менен жергиликтүү бюджеттин долбоoруна өзүнүн, жергиликтүү жамааттын пикирлерин | Шаар мэри, ФЭБ жетекчиси | Р.Х.Хатамов | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, шаардык кеңештин сессияларына катышуусу. | Жергиликтүү бюджеттин долбоорун бекитүү боюнча Шаардык кеңештин токтомун кабыл алуу, жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | жана сунуштарын киргизет. | | | | |
| **4.** | Инвестицияларды жана гранттарды тартуу | Январь | Инвестицияларды жана гранттарды тартуу жаатында эл аралык долбоордук уюмдар, донорлор, демөөрчүлөр менен жүргүзүлгөн иштер боюнча Шаар мэринин маалыматын угуу. | Шаар мэри, бейөкмөт уюмдардын, коомдук уюмдардын жетекчилери жана башка кызыкдар адамдар. | Р.Х.Хатамов | Жарандардын, демилгечи топтордун, донорлордун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын катышуусу. | Маселенин жыйынтыгы боюнча шаардык кеңеш токтом кабыл алат жана ЧУАнын мамлекеттик реестрине кошулат. |
| 5. | АЖМФ жерлерин натыйжалуу пайдалануу маселесин кароо | Февраль | Жеке жана юридикалык жактарга ижарага берилген АЖМФ жер участокторунун ижара акысын жана көлөмүн орнотуу.<br>АЖМФ жерлерин колдонуу үчүн ижара төлөмүнүн суммасынан жерлерди жакшыртуу боюнча иш-чараларды аткарууга багытталган каражаттын көлөмүн бекитүү | Шаар мэри, АЖМФ жерлери боюнча жер комиссиясынын төрагасы | Ы.Чирмашов | Жарандардын, бизнес коомчулугунун, МжБ топторунун, демилгечи топтордун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга, ШК ачык сессияларына катышуусу. | Шаардык кеңештин токтомун кабыл алуу, жарыялоо жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| **6.** | Жер пайдалануу, шаар куруу жана архитектура ченемдери, жер казынасы маселелерин кароо | Февраль | - Муниципалдык менчиктеги жер участокторуна менчик же ижара укуктарын акынын негизинде берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө жобо<br>-Муниципалдык менчиктеги жер участокторун менчикке же | Шаар мэри, шаарга караштуу жер комиссияларынын төрагалары, архитектура жана мамкаттоонун өкүлдөрү (макулдашуу боюнча). | Ы.Чирмашов | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга ШК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамалар ды жана тапшырмалар ды берип, шаардык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | ижарага берүү боюнча комиссиянын курамы;<br>- Жеке турак үй үчүн жер участокторун бөлүп берүү боюнча комиссиянын жобосу;<br>- Жеке турак үй үчүн жер участокторун бөлүп берүү боюнча комиссиянын курамы.<br>Калктуу конуштардын башкы планын түзүү, муниципалдык жерлерге күбөлөндүрүүчү документтерди (мамлекеттик күбөлүктөрдү) аныктоо жана алуу маселелерин каржылоо мүмкүнчүлүгүн кароо жана талкуулоо | | | | Шаардык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| **7.** | Жайыт жерлерин натыйжалуу пайдалануу маселесин кароо | Февраль | - Жайыт пайдалануу үчүн акыны орнотуу тартиби жөнүндө жобо;<br>- 2025-жылга жайыттарды пайдалануунун жылдык планы;<br>- Малдын башына жана түрүнө жараша жайыт жерлерин пайдалануу укугу үчүн акынын көлөмү;<br>- жайыт жерлерин башка максаттарда пайдалануу үчүн акынын көлөмү. | Шаар мэри (же вице-мэр), Жайыт комитетинин төрагасы, | Ж.Т.Полотов<br>Ы.Чирмашов | Жарандардын, жайыт пайдалануучулардын жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга ШК сессияларына катышуусу. | Шаардык кеңештин токтомун кабыл алуу жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| **8.** | Муниципалдык менчикти башкаруу | Февраль | - Муниципалдык менчиктеги объекттерди | Шаар мэри (же Шаар мэринин орун басары) | Ы.Чирмашов | Жарандардын, бизнес | Шаардык кеңештин токтомун |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | менчиктештирүү программасын;<br>- Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүү тартиби жөнүндө жобону;<br>- Муниципалдык менчикти камсыздандыруу жана тизмеден чыгарып салуу тартиби жөнүндө жобону ж.б.<br>көрсөтүлүүчү коммуналдык кызматтарга тарифтерди бекитүү | | | коомчулугунун, МжБ топторунун, демилгечи топтордун өкүлдөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын коомдук угууларга, жыйындарга, курултайларга, ШК ачык сессияларына катышуусу | кабыл алуу жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| 9. | Жазгы талаа иштерине даярдык, коомдук пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу, көчө жарыгынын абалы тууралуу | Февраль | - жазгы талаа иштерине даярдануу боюнча,<br>- жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча;<br>- көчө жарыктарынын абалы жөнүндө,<br>- жергиликтүү бюджеттин каражаттары, жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүүгө жана жашылдандырууга, жарык орнотууга багытталган гранттар, инвестициялар, демөөрчүлүк жана башка каражаттар боюнча.<br>Ишембилик өткөрүү, сугат жерлерин тазалоо, калктуу конуштарга көчөттөрдү отургузуу ж.б. графиктери | Шаар мэри,<br>Шаар мэринин орун басары , муниципалдык МБД, Кара-Суу тазалык МИ жетекчилери | Ы.Чирмашов | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, ШК сессияларына катышуусу, МжБнын жыйынтыктары. | Шаардык кеңеш токтом кабыл алат |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | менен таанышуу. | | | | |
| 10. | Тиричилик калдыктарын чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу боюнча маалыматты угуу | Март | Жергиликтүү бюджетте каражат болсо, каржылоо маселесин карап чыгуу.<br>Таштандыны жыйноо, ташып кетүү үчүн тарифти карап чыгып, бекитүү. | Шаар мэри, МИ жетекчиси, айыл башчы. | Б.А.Каримов | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, шаардык кеңештин сессияларына катышуусу. | ШКтоктомун кабыл алуу, жарыялоо жана аны ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| 11. | Коомдук тартипти сактоонун абалы | Апрель | - Шаардын башчысын<br>- Ички иштер бөлүмүнүн өкүлүнүн<br>- аксакалдар сотунун төрагасынын,<br>- укук бузуулар боюнча ЖӨБО комиссиясынын төрагасынын;<br>- Коомдук профилатикалык борбордун төрагасынын (ОПЦ),<br>- билим берүү мекемелеринин<br>Шаар аймагында тартип бузууларды болтурбоо тууралуу программалардын долбоорлорун карап чыгуу жана бекитүү. | Шаар мэри<br>ИИБ жетекчиси<br>тартип бузуулар боюнча комиссиянын төрагасы,<br>айыл башчы,<br>аксакалдар сотунун төрагасы | Д.Э.Атабаева | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, шаардык кеңештин сессияларына катышуусу. | шаардык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат, коомдук тартипти коргоого жана укук бузууларды болтурбоого багытталган тийиштүү чараларды кабыл алуу боюнча сунуштар берилет. |
| 12. | Калктуу конуштарды ичүүчү жана сугат суу менен жабдуу (таза суу системасын, ирригация системасынын, канализациянын, | Апрель | -калкты ичүүчү менен камсыз кылуу, калктуу конуштун ичики ирригациясын, канализация системасынын жана тазалоочу курулмалардын ишин камсыз кылуу боюнча муниципалдык ишкананын жетекчисинин | Шаар мэри муниципалдык ишкананын жетекчиси | Б.А.Каримов | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, ШК сессияларына катышуусу | Шаардык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат. Шаардык кеңештин токтому жарыяланат (ЧУА кабыл |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | тазалоочу курулмалардын ишин камсыз кылуу) | | маалыматын угуу;<br>Калктын сунуштарын эсепке алуу менен ичүүчү сууга, суугат сууга жана сууну тазалоо тарифти карап чыгуу жана бекитүү.<br>Муниципалдык менчикте турган жана муниципалдык ишканага башкарууга өткөрүлүп берилген ичүүчү суу менен жабдуу системасын жыл сайын оңдоо үчүн жергиликтүү бюджеттен каражат караштыруу. | | | | алынган учурда) жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |
| 13. | Дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу, спорттук курулмалардын иштешин камсыз кылуу | Апрель | Жергиликтүү бюджетте каражат болсо каржылоо маселесин карап чыгуу.<br>Спорттун улуттук жана башка түрлөрүн, ошондой эле шаардын аймагында массалык спортту ишке ашыруу жана өнүктүрүү программаларын карап чыгуу жана бекитүү.<br>Массалык жана спорттун башка түрлөрү боюнча иш-чараларды өткөрүү графигин карап чыгуу. | Шаар мэри, айыл башчы, билим берүү мекемелеринин жетекчилери | Айти уулу Айбек | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, ШК сессияларына катышуусу. | Шаардык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат. Шаардык кеңештин токтому жарыяланат (ЧУА кабыл алынган учурда) жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |
| 14. | 2025-жылга аймакты социалдык-экономикалык жактан | | Шаардык кеңештин жоопту туруктуу комиссиясынын корутундусун, ШК депутаттарынын | Шаар мэри, Шаар мэринин орун басары, ФЭБ башчысы ж.б. | Айти уулу Айбек | Жарандардын, БӨУ, коомдук уюмдарынын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, | 2025-жылга АСЭӨ жана калкты социалдык жактан |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | өнүктүрүүнү жана калкты социалдык жактан коргоону камсыз кылуу | Май | пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу менен, 2025-жылга аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программасын кароо жана бекитүү | | | чогулуштарга, курултайларга, ШК сессияларына катышуусу. | коргоонун Программасын бекитүү жөнүндө ШК токтому кабыл алынат, жарыяланат, күчүнө кирет, ЧУА Реестрине кошулат. |
| 15. | Көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу, муниципалдык жерлердин, парктардын жана дем алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу | Май | Көрүстөндөрдүн иштешине жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүнө муниципалдык жерлердин, парктардын жана дем алуу жайларынын иштерин алып баруу жана көзөмолдөө<br>Жергиликтүү бюджетте каражат болгондо каржылоо маселесин караштыруу.<br>Бул маселелерди демөөрчүлөрдүн каражатынын, инвестициялардын, гранттардын ж.б. жардамы менен чечүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу. | Шаар мэри (же Шаар мэринин орун басары, МИ жетекчиси) | Айти уулу Айбек | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, ШК сессияларына катышуусу. | Шаардык кеңеш токтом (же тескеме) кабыл алат. Шаардык кеңештин токтому жарыяланат (ЧУА кабыл алынган учурда) жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |
| 16. | Коомдук транспорттун ишин жөнгө салуунун жүрүшү тууралуу | Июнь | Окуучуларды мектепке ташуу маселесин кароо, бул маселени Жергиликтүү бюджеттин эсебинен чечүү. | Шаар мэри | Б.А.Каримов | | ШК токтом кабыл алат. |
| 17. | 2025-жылдын алты | | Шаар мэринин шаар | Шаар мэри | Ж.Т.Полотов | | 2025-жылдын |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | айынын жыйынтыгы боюнча шаардын аймагындагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасынын аткарылышы тууралуу Шаар мэринин отчету | Июль | аймагындагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, өнүгүү программасынын жана планынын (СЭӨП, КСКП, иш-чаралар планы) аткарылышы тууралуу биринчи жыл үчүн Шаар башчысынын отчетун угуу. ШК депутаттарынын пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу менен шаар мэринин отчетун бекитүү же башка чечим кабыл алуу. | | жана депутаттар | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, ШК сессияларына катышуусу. | 1-жарым жылдыгы үчүн шаар мэринин отчетун кабыл алуу, ШК токтомун (тескемесин кабыл алуу), жарыялоо, күчүнө киргизүү, ЧУА Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| 18. | Күз-кыш мезгилине даярдык тууралуу | Июль | Күз-кыш мезгилине даярдык көрүү маселелери боюнча маалымат угуу:<br>- Шаар башчысы (Шаар мэрининорун басары),<br>- тийиштүү мекемелердин жетекчилери;<br>- ШК туруктуу комиссиясынын төрагасы.<br>Жылытуучу материалдарды сатып алуу жана муну каржылоо маселесин кароо жана талкуулоо. | Шаардын мэри (же шаар мэринин орун басары), мекемелердин жетекчилери | Б.А.Каримов | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга ШК сессияларына катышуусу. | ШК токтом (тескеме) кабыл алат. Шаардык кеңештин токтому жарыяланат жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошулат. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 19. | Жергиликтүү маанидеги китепканалардын, маданият үйлөрүн пайдалануу жана контролдоо | Июль | Бул жааттагы ишти жакшыртуу боюнча тийиштүү сунуштамаларды жана сунуштарды карап чыгуу, талкуулоо жана кабыл алуу. | Шаардын мэри (же шаар мэринин орун басары) | Айти уулу Айбек | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдар. | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, шаардык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. |
| 20. | Элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү,бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү, балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу | Август | элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү,<br>- бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу,<br>- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу,<br>- шаар аймагында балдардын укуктары менен кызыкчылыктарын камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу;<br>- балдар укугун бузуу учурларын аныктоо жана укугу бузулган балдарга юридикалык жардам берүү. | Шаардын мэри (Шаар мэринин орун басары, соц.жана жаштар маселелери боюнча адис), социалдык маселелер боюнча комиссиянын төрагасы, жаштар комитетинин төрагасы | Айти уулу Айбек | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук бюджеттик угууларга, чогулуштарга ШК сессияларына катышуусу, МжБнын жыйынтыктары | Тийиштүү сунуштамаларды жана тапшырмаларды берип, шаардык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. Шаардык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| 21. | Шаардык кеңештин депутаттары өз округундагы шайлоочуларга отчет беришет, | Сентябрь | Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча иш-чаралардын Планын жана графигин карап, | Шаардын мэри, этика жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы | Д.Э.Атабаева | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын | Шайлоочулардан түшкөн сунуштарды, даттанууларды жана |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | шайлоочулардын суроо талаптарын аткарышат | | бекитүү. Шаардын башчысына, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилерине шайлоочулар менен жолугушууну графикке жана Иш-чаралар планына ылайык уюштуруу, жолугушууларды өткөрүү үчүн жайларды бөлүп берүү, шайлоочуларга жолугушуу өтчү убактысы жана орду жөнүндө кабар берүү, ошондой эле депутатка шайлоо округунда отчет берүүгө көмөкчү болгон башка чараларды көрүү. Шайлоочулардан түшкөн сунуштар, даттануулар жана арыздар боюнча тийиштүү сунуштамаларды жана чечимдерди талкуулоо жана кабыл алуу. | | | депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетун тапшыруу боюнча иш-чараларына, ШК сессияларына катышуусу. | арыздарды эске алуу менен шаардык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. |
| 22. | Өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана анын кесепеттерин жоюуга даярдык тууралуу | Октябрь | Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана анын кесепеттерин жоюу боюнча Шаардын даярдаган иш-чаралар Планын карап чыгуу жана бекитүү. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана анын | Шаардын мэри (мэрдин орун басары) | Ж.Т.Полотов, депутаттар | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, жыйындарга, | Тийиштүү сунуштамалар ды жана тапшырмалар ды берип, шаардык кеңештин токтомун |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | кесепеттерин жоюу тууралуу иш-чаралар планын аткарылышы боюнча Шаар мэринин(башчынын орун басарынын) маалыматын угуу. | | | курултайларга, ШК сессияларына катышуусу. | (тескемесин) кабыл алуу. Шаардык кеңештин токтомун жарыялоо реестрине кошуу. |
| 23. | Мамлекеттик буйрутманын жана ведомстволук окутуунун алкагында саясий муниципалдык кызматтардагы муниципалдык кызматкерлердин (Шааар мэри, ШК төрагасы, депутаттар) квалификациялары н жогорулатуу тууралуу | Октябрь | КР “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын 28-бересинин талаптарын аткаруунун алкагында:<br>- саясий муниципалдык кызматтардагы муниципалдык кызматкерлерди (Шаардын башчы, ШК төрагасы, депутаттар) кайра даярдоо жана квалификацияларын жогорулатуу боюнча окутууларды уюштуруу; | Шаар мэри (орун басары), билим берүү жана соц. маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы | Шаардык кеңештин төрагасы жана депутаттар | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын ШК сессияларына катышуусу. | Шаардык кеңештин токтомун кабыл алуу, жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| 24. | Мыйзамдын жана/же ЧУА негизинде мамлекеттик органдардан өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды шаар мэриясынын аткаруусу | | Мыйзамдын жана/же ЧУА негизинде мамлекеттик органдар өткөрүп берген ыйгарым укуктарды кандай аткаргандыгы тууралуу Шаар мэринин маалыматын угуу.<br>Зарыл болгон учурда, ыйгарым укуктарды | Шаардын мэри | Шаардык кеңештин төрагасы жана депутаттар | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын ШК сессияларына катышуусу. | Тийиштүү сунуштамалар ды жана тапшырмалар ды берип, шаардык кеңештин токтомун (тескемесин) кабыл алуу. |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ноябрь | материалдык-финансылык, методикалык жактан камсыз кылуунун шарттарын, айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүп берүү жөнүндө шарттарын карап чыгуу, мыйзамдарда белгиленген тартипте тиешелүү мамлекеттик органдарга сунуштарды жана сунуштамаларды берүү. | | | | Шаардык кеңештин токтомун жарыялоо жана ЧУАнын Мамлекеттик реестрине кошуу. |
| 25. | 2026-жылга аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнү жана калкты социалдык жактан коргоону камсыз кылуу | Декабрь | Шаардык кеңештин жооптуу туруктуу комиссиясынын корутундусун, ШК депутаттарынын пикирлерин жана сунуштарын эсепке алуу менен, 2025-жылга аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программасын кароо жана бекитүү | Шаардын мэри, Шаар мэринин орун басары, ФЭБ башчысы ж.б. | Айти уулу Айбек | Жарандардын, БӨУ, коомдук уюмдарынын жана башка кызыкдар адамдардын коомдук угууларга, чогулуштарга, курултайларга, ШК сессияларына катышуусу. | 2026-жылга АСЭӨ жана калкты социалдык жактан коргоонун Программасын бекитүү жөнүндө ШК токтому кабыл алынат, жарыяланат, күчүнө кирет, ЧУА Реестрине кошулат. |
| 26. | Шаардык кеңештин 2026-жылга иш планын бекитүү. Туруктуу комиссиялардын | | 2025-жылга шаардык кеңештин иш планын талкуулоо жана бекитүү. 2025-жылга иш пландарынын долбоорлору | Т.Б.Бекташева<br>Ы.Чирмашов<br>Р.Х.Хатамов<br>Д.Э.Атабаева<br>Б.А.Каримов | Т.Б.Бекташева<br>Ы.Чирмашов<br>Р.Х.Хатамов<br>Д.Э.Атабаева | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдардын шаардык кеңештин сессияларына | 2026-жылга ШКтин иш Планын, 2026-жылга туруктуу |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | кийинки жылга иш планын бекитүү | декабрь | боюнча ШК туруктуу комиссияларынын төрагаларын угуу жана аларды бекитүү. | Айти у Айбек Акылбек к Ж. | Б.А.Каримов Айти у Айбек Акылбек к Ж. | катышуусу. | комиссиялардын иш пландарын кабыл алуу. Шаардык кеңештин токтомун жарыялоо кошуу. |
| 27. | ШКтин депутаттарынын, Шаар мэриясынын адистеринин, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жигердүү катышкан жана шаардын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон жарандардын ишине баа берип, жылдын аягында аларды сыйлоо | Декабрь | ШКтын жигердүү, көрүнүктүү депутаттарына, шаар мэриясынын адистерине, шаардын жашоочуларына шаардык аймактын өнүгүүсүнө кошкон олуттуу салымы үчүн жылдын жыйынтыгы боюнча муниципалдык сыйлыктарды тапшыруу, аларды мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү маселелери боюнча Шаар мэринин (шаар мэринин орун басарын), ШКтын туруктуу комиссиясынын төрагасын угуу. | Ж.Т.Полотов депутаттар | Ж.Т.Полотов депутаттар | Жарандардын жана башка кызыкдар адамдар. | Сыйлоо тууралуу шаардык кеңештин буйругун кабыл алуу. |

**Кара-Суу шаардык кеңешинин жооптуу катчысы** **Акылбек к Ж**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О М У

6-февраль 2025– жыл № 3/9 Кара-Суу шаары

**“Кара-Суу Тазалык” муниципалдык ишканасынын Кара-Суу шаарынынын аймагындагы айылдарда акыр-чикирлерди ташуу үчүн кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтерин бекитүү жөнүндө**

“Кара-Суу Тазалык” муниципалдык ишканасынын 2025-жылдын 31-январындагы чыгыш №08 сандуу катын угуп жана талкуулап шаардык кеңеш **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарынын айылдарында калкка коммуналдык кызмат көрсөтүүнүн тарифи:

- жеке турак жер үйлөрдө туруктуу же убактылуу жашаган калктын катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу - бир адамга 40 сом өлчөмүндө бекитилсин.

2. Токтом 2025-жылдын 1-февралынан баштап колдонууга киргизилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кара-Суу тазалык муниципалдык ишканасынын жетекчисине жана бухгалтерине тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О М У**

6-февраль 2025– жыл № 3/10 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарынын айылдарында ижара акысынын өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” №571 токтомунун негизинде Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин сунушун талкуулап, Кара-Суу шаардык кеңешинин кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарынын аймагындагы Киров жана Тельман айылдары үчүн К1-экономикалык аймактык коэффиценттери төмөнкүдөй бекитилсин:
1-аймак - 28 ге бекитилсин;
2-аймак – 21ге бекитилсин;
3-аймак – 15ке бекитилсин;
4-аймак - 10го бекитилсин.

2. Кара-Суу шаарынын Эркин айылы К2 – муниципалдык менчиктеги жерлерди ижарага берүүдөгү бир чарчы метр аянтынын орточо баасы төмөнкүдөй өзгөртүлсүн:
1-аймак – 3 сом;
2-аймак – 3 сом;
3-аймак – 3 сом;
4-аймак - 3 сом.

3.Кара-Суу шаарынын Коңурат айылы К3 – коэффициенттери ижарага берилген аянттарына, кызмат көрсөтүү түрлөрүнө карата төмөнкүдөй өзгөртүлсүн: (магазиндер,киоска-ларектор,кичи базарлар,кафелер (алардын алдылары) ж.б.)

| № | Пайдалануу аянттары | 10 чейин | 10-20 чейин | 20-35 чейин | 35-50 чейин | 50 жана жогорулар |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Коэффициенттер | 22,5 | 16,5 | 10,5 | 7,5 | 6,0 |

4.Кара-Суу шаарынын Миялы жана Присавай айылы К4 – коэффициенттери муниципалдык менчиктеги жерлерди ижарага берүүдөгү бир чарчы метр аянтынын орточо баасы төмөнкүдөй өзгөртүлсүн:

1-аймак – 3 сом;
2-аймак – 3 сом;
3-аймак – 3 сом;
4-аймак - 3 сом.

Эгерде ижарага берилген жер аянттарынын ичинде көрктөндүрүлгөн жана атайын жашылдандырылган жер аянтчалары жана бак дарактар болсо бекитилген коэффициенттер 1,2 эсеге көтөрүү менен эсептелинет.

5. Бул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңештин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О М У**

6-февраль 2025– жыл № 3/11 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарынын аймагында**
**мүлк салыгын бекитип берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Салык кодекси жөнүндө” Мыйзамынын 379-380 беренелеринин негизинде Кара-Суу шаар мэриясынын 2025-жылдын 22-январындагы №01-13/114 сандуу катын карап жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1. Шаар аймагындагы турак жай имараттары жана мүлк салыгы үчүн салыктын өлчөмү 25,16 сом болуп бекитилсин.

2. Токтомдун аткарылышы шаар мэриясынынын финансы-экономика бөлүмүнө, көзөмөлдөө шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ,
КАРА-СУУ РАЙОНУ
КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН
**Т О К Т О МУ**

6-февраль 2025– жыл № 3/12 Кара-Суу шаары

**“Жайыт акыларын белгилеп бекитип берүү жөнүндө”**

Агрардык чарба жүргүзүү муниципалдык ишканасынын жайыт акыларынын тарифин бекитип берүү жөнүндө сунушун угуп жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1.Мал жандыктарынын жайыт акылары (тарифин) төмөндөгүдөй бекитилсин:

1) Жылкыга 1 айга-80 сомдон
2) Кара малга 1 айга -50 сомдон
3) Кой-эчкиге 1 айга -10 сомдон

2. Жайыт жерлерин кыйыр пайдалануучуларга 1 га жерге-1000 сом

3. Алыскы жайытка 20-майдан кечиккендерге 20,0 (жыйырма миң) сомдон айып пул белгиленсин.

5. Жайыттан сыртка элдин эгиндерине чөп чабынды жерине кирген мал жандыктарга айып пул төмөндөгүдөй бекитилсин:

I. Жылкыга 1 башына-1000 сомдон
II. Кара малга 1 башына -1000 сомдон
III. Кой-эчкиге 1 башына -500 сомдон

6. Жайыттын 2025-жылга бюджети 225 000 сомго бекитилсин.

7. Бул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кенештин туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ,
КАРА-СУУ РАЙОНУ
КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О М У**

6-февраль 2025– жыл № 3/13 Кара-Суу шаары

**“№66 В.И.Ленин атындагы орто мектебинин микро участкасын бекитип берүү жөнүндө”**

№66 В.И.Ленин атындагы орто мектебинин микро участкасын бекитип берүү жөнүндө сунушту угуп жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1. №66 В.И.Ленин атындагы орто мектебинин микро участкасы төмөндөгүдөй бекитилсин:

№1 кварталынын Терешкова, Умаров, Панфилов, Гагарин, Киров, Кенеш, Кара-Суу көчөлөрү;

№2 кварталынын Юбилейный кичи шаарчасынын Ленин №2, 2А, 2Б, 4, 6, 8, 10, 12, 16, 18, 22, 24, көп кабаттуу үйлөрү;

№3 кварталынын Ош, Жалалабад, Совет, Өзгөн, Раджапов, Тынчтык көчөлөрү;

№4 кварталынын Кушбаков көчөсүнүн №5, 7, 9, 10, 12, 19, 24А, 24Б көп кабаттуу үйлөрү.

2. Жогорудагы сунушталган микро участкаларды бекитип берүү жагы Кара-Суу райондук билим берүү бөлүмүнөн суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына жана Ленин орто мектебинин жетекчисине, көзөмөлдөө социалдык маданий маселелер, маалымдуулук жаштар жана аялдар саясаты, спорт, илим, билим, саламаттыкты сактоо боюнча комиссиясына жүктөлсүн

**Кара-Суу шаардык
кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О МУ**

6-февраль 2025– жыл № 3/14 Кара-Суу шаары

**“Кара-Суу 11-90” муниципалдык ишканасын түзүүгө тең уюштуруучу болууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Кара-Суу шаардык кенеши **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарынын мэриясы “Кара-Суу 11-90” муниципалдык ишканасын түзүүгө тең уюштуруучу болуп катышууга макулдук берилсин.

2. “Кара-Суу 11-90” муниципалдык ишканасынын баштапкы уставтык капиталын түзүүгө жергиликтүү бюджеттен 2025-жылдын башына бош калган акча каражатынын эсебинен 300,0 (үч жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңештин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О МУ

6-февраль 2025– жыл № 3/15 Кара-Суу шаары

**“Сугат суунун акысын бекитип берүү жөнүндө”**

“Мөңгү-Суу” суу пайдалануучулар ассосиациясынын 2025-жылдын 5-февралындагы №1 сандуу катын угуп сугат суунун акыларынын тарифин бекитип берүү жөнүндө сунушун угуп жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1. “Мөңгү-Суу” суу пайдалануучулар ассосиациясынын Кара-Суу шаарынын аймагындагы сугат суунун акыларынын тарифи №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына жана “Мөңгү-Суу” суу пайдалануучулар ассосиациясына, көзөмөлдөө шаардык кенештин туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**Кара-Суу шаардык кеңешинин 2025-жылдын 6-февралындагы №3/15 сандуу токтомуна тиркеме**

| № | Эгиндин аталышы | Төлөнүүчү сом Эркин-1, Коңурат айылдары үчүн | Төлөнүүчү сом Тельман, Киров, Присавай Эркин-2 айылдарынын тарифи |
|---|---|---|---|
| **1.** | Пахта | 1600 | 1800 |
| **2.** | Тамеки | 1400 | 1600 |
| **3.** | Күздүк буудай | 1400 | 1600 |
| **4.** | Дандык жүгөрү | 1600 | 1800 |
| **5.** | Жашылча | 2000 | 2200 |
| **6.** | Картошка | 2000 | 2200 |
| **7.** | Күн карама | 1400 | 1600 |
| **8.** | Бак, (мөмөлүү) | 2000 | 2200 |
| **9.** | Тыт, тал, терек | 1400 | 1600 |
| **10** | Бахча | 2000 | 2200 |
| **11** | Беде | 1600 | 1800 |
| **12** | Пияз | 4000 | 4400 |
| **13** | Шалы | 5000 | 5400 |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ,
КАРА-СУУ РАЙОНУ
КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН
**Т О К Т О М У**

6-февраль 2025– жыл | № 3/16 | Кара-Суу шаары

**Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тамак ашка болгон төлөмү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 “Билим берүү” жөнүндөгү мыйзамынын 28-беренесинин негизинде Кара-Суу шаар мэриясынын 2025-жылдын 5-февралындагы №01-13/305 сандуу катын угуп жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1. 2025-жылдын 1-январынан тартып Кара-Суу шаарынын төмөндөгү мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тамак ашка болгон төлөмү ата-энелер тарабынан 1500 сомдон бекитилсин:

-Мөлтүр-Булак МЧББУ
-Мээрим МЧББУ
-Айданек МЧББУ
-Бакыт-Нуру МЧББУ
-Бал-Береке МЧББУ
-Баластан нуру МЧББУ
-Нурданек МЧББУ
-Берекем МЧББУ
-Байзак МЧББУ

2. Кара-Суу шаарынын мэриясына мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилери менен биргеликте токтомдун аткарылышын камсыздоо тапшырылсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кенештин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына, социалдык маданий маселелер, маалымдуулук жаштар жана аялдар саясаты, спорт, илим, билим, саламаттыкты сактоо боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН
**Т О К Т О М У**

6-февраль 2025– жыл № 3/17 Кара-Суу шаары

**Шаар аймагындагы жолдорду убактылуу балanска алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кара-Суу шаар мэриясынын шаар аймагындагы жолдорду убактылуу балanска алуу жөнүндө маселени угуп жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу жол чарба департаментинен Кара-Суу шаарынын аймагына тиешелүү болгон авто унаа жолдорун мыйзамдуулугун кароо менен шаар мэриясынын балансына убактылуу алууга макулдук берилсин.

2.Кара-Суу шаар мэриясы мыйзам чегинде жолдорду балanска алуу үчүн тийиштүү тараптар менен иштерди алып барсын.

3.Тиешелүү иш кагаздарын мыйзам чегинде даярдоону алып баруу жана документтердин сакталуусун камсыздоо шаар мэриясына жүктөлсүн.

4.Бул токтомдун аткалышын көзөмөлдөө шаардык кенештин өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, соода, байланыш, энергетика боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О М У**

6-февраль 2025– жыл № 3/18 Кара-Суу шаары

**Муниципалдык баланстагы техникаларды жана жер аянтын күрөөгө коюуга макулдук берүү жөнүндө**

Кара - Суу шаарынын суу менен жабдуу жана канализация тутумдарын жакшыртуу долбоорунун алкагында Европа инвестициялык банкынан төмөн пайызда насыя (кредит) алууга шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин жана Кара-Суу тазалык муниципалдык ишканасынын балансындагы техникаларын жана жер участогун күрөөгө коюу боюнча маселени карап чыгып жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1. Европа инвестициялык банкынан 2017-жылдын 19-октябрындагы №19-04-01/40 сандуу Субкредиттик келишимдин негизинде берилген 1 000,0 (бир миллион) евро төмөн пайызда насыя (кредит) алынган акча каражатына шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин жана Кара-Суу тазалык муниципалдык ишканасынын балансындагы төмөндөгү 10 даана техниканын күрөөгө коюуга макулдук берилсин:

| № | Техниканын аталышы | Мамлекеттик номуру | Чыгарылган жылы |
|---|---|---|---|
| 1 | Фольксваген Гольф | 40-20 OA | 2014-ж |
| 2 | Автовышка 813(Газель) | 06kg.513AD | 2014-ж |
| 3 | Хонда-HRV | 06 kg144 AD | 2003-ж |
| 4 | Хундай Солярис | 06 kg 110 AD | 2017-ж |
| 5 | ДЭУ-Ласетти | O 74-03 AO | 2009-ж |
| 6 | Портер | 06KG 830 AD | 2017-ж |
| 7 | ШАКМАН:мусоровоз | 06KG 572 AD | 2022-ж |
| 8 | Шакман Мусоровоз | 06KG302AE | 2024-ж |
| 9 | Шакман контейнеровоз | 06KG301AE | 2024-ж |
| 10 | Донг-Фенг мусоровоз | 06KG826AD | 2022-ж |

2. Кара-Суу шаарынын суу менен жабдуу жана канализация тутумдарын жакшыртуу долбоорунун алкагында Европа инвестициялык банкынан төмөн пайызда насыя (кредит) алуу үчүн 2023-жылдын 20-февралындагы №19-04-01/10 сандуу Субкредиттик келишимдин негизинде берилген 1 000,0 (бир миллион) евро төмөн пайызда насыя (кредит) алууга "Газпром" ден соолукту чыңдоо борборунун 0,50га жер аянты тиешелүү документтерин даярдоо менен күрөөгө коюуга макулдук берилсин.

3. Күрөөгө коюу үчүн Кыргыз Республикасынын финансы министрлиги менен Кара-Суу шаардык мэриясынын ортосунда макулдашуу келишими түзүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кенештин экономика, бюджет,инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ III СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О МУ

6-февраль 2025– жыл № 3/19 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарындагы кварталдык комитеттердин төрага төрайымдарынын ЖОБОсун бекитүү жөнүндө**

Кара-Суу шаар мэриясынын 2025-жылдын 5-февралындагы №01-13/308 сандуу катын угуп жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарындагы кварталдык комитеттердин төрага төрайымдарынын ЖОБОсу тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңешинин тиешелүү туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**Кара-Суу шаардык кеңешинин**
**2025-жылдын 6-февралындагы**
**№3/19 сандуу токтому менен**
**бекитилди**

Кара-Суу шаарынын кварталдык комитеттери жөнүндө
ЖОБО

I. Жалпы жоболор
II. Кварталдык комитеттерди дайындоо
III. Кварталдык комитеттердин функциялары жана ыйгарым укуктары
IV. Кварталдык комитеттердин эмгек акы фондусу
V. Жыйынтыктоочу бөлүк

I. Жалпы жоболор

Бул Жобо Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 10-октябрындагы "Аймактык өзүн-өзү башкаруу коомдук ишмердүүлүктү жөнгө салуучу жоболорду бекитүү жөнүндө" №625 токтомунун негизинде иштелип чыккан.

1.1. Кварталдык комитеттер – булл аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун формалары, алардын иши кварталд ажашаган жарандарды жергиликтүү жана социалдык-маданий маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган.

1.2.Кварталдык комитеттер турак-жай комплекстеринде жана жеке курулуш райондорунда түзүлөт.

1.3.Кварталдык комитеттин ишмердүүлүгүнүн аймагынын чектери ушул кварталда жашаган тургундардын сунуштарын эске алуу менен Кара-Суу шаардык кеңеши тарабынан белгиленет.

1.4. Кварталдык комитеттер жарандардын арасынан өз макулдугу менен түзүлөт.

1.6. Кварталдык комитеттер шаар мэриясына ,жарандардын чогулушунда жашоочуларга отчет берип турат.

1.7. Кварталдык комитеттердин саны Кара-Суу шаардык кеңеши тарабынан бекитилет.

1.8. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык, келишим түрүндө иш-аракеттерин жүргүзгөн кварталдык комитеттеринин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жылдан ашпашы керек.

1.9. Кара-Суу шаар мэриясынын чечими менен кварталдык комитеттердин аткаруу милдетинен төмөнкү учурларда бошотулат.

а) өзүнүн милдеттерин тийиштүү аткара албаганда;

в) өзүнүн арызы же ден-соолугунун абалы боюнча;

2.0.Кварталдык комитет бошотулгандан кийин, жаңы квартал комитети кабыл алынат.

2.1.Өзүнүн ишмердүүлүгүндө кварталдык комитеттери Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамына жана Кара-Суу шаардык кеңешинин, Кара-Суу шаар мэриясынын Токтомун жана Уставын ошондой эле ушул жобону жетекчиликке алат.

**II. Кварталдык комитеттерди дайындоо**

2.1.Кварталдык комитет болуп 18 жаштан жаш эмес жана 65 жаштан жогору эмес, бул кварталда жана үйдө туруктуу катталган жан ажашаган, ортодон кем эмес билими менен, соттолбогон же соттолгондугу белгиленген мыйзам тартибинде алынган жана жоюлган Кыргыз Республикасынын жараны болууга тийиш.

2.2.Жалпы жыйналыштардын жумушуна катыша алат:

2.3. Жаңы кварталдар, үй жана кварталдык комитеттер түзүлгөндө, ушул Жобонун ченемдерине ылайык жумуш алып барат.

**III. Комитеттердин функциялары жана ыйгарым укуктары**

3.1. Кварталдык комитет төмөнкү ыйгарым укуктарга ээ:

а) мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, соттордо жана башка мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдарда булл аймакта жашаган жарандардын коомдук кызыкчылыгын, өзукуктарын, мыйзамдуу кызыкчылыгын коргоого;

б)тиешелүү аймактагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана кызмат адамдарынын кароосуна пландарды жана өнүгүү программаларын иштеп чыгууга катышуууга;

в) социалдык чөйрөдөгү обьектилерди кабыл алууга;

г)Кара-Суу шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин аткарууга көмөк көрсөтүүгө;

д)жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн чогулуштарынын (конференцияларынын) чечимдерин аткарууну уюштурууга;

е) турак жайларды куруунун, пайдалануунун, турак жай имараттарын жана ага чектеш аймактардын эрежелерине көзөмөл жүргүзүүгө, өрт коопсуздугунун жана санитардык ченемдердин сакталышына, жерди, суну жана башка жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдаланууга, тарыхый-маданий коргоого коомдук көзөмөлдү жүзөгө ашырууга, эстеликтер, аныкталган кемчиликтерди четтетүү үчүн тиешелүү органдарга сунуштарды киргизүүгө;

ж)санитардык, эпидемиологиялык, экологиялык, өрттү көзөмөлдөө жана коопсуздук чараларын ишке ашырууда тиешелүү уюмдарга жана кызматтарга көмөк көрсөтүүгө;

з)коомдук тартипти сактоодо укук коргоо органдарына көмөктөшүүгө;

и) аталган аймактын тургундарынын муктаждыктарын аныктап мамлекеттик жана жергиликтүү өзалдынча башкармалыкка аларды чечүүнү уюштурууга;

к) тургундарды Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актылары, жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын чечимдери жөнүндө кабарландыруу жана алардын аткарылышын уюштурууга.

л) кварталдын калктын маданий-массалык иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүнү тартууга;

м) үйлөрдүн, көчөлөрдүн, кварталдардын жашоочуларынын эсебин жүргүзүүгө;

н) баардык үй кожоюндардын иш-чарбалар боюнча китебин жүргүзөт;

р) коммуналдык чарба обьектилеринин жана башка коммуналдык кызматтардын коопсуздугун көзөмөлдөөгө, кварталдын калкында коопсуздук жана мүлктү этияттого жоопкерчилик сезимин тарбиялоого;

с) жергиликтүү өз алдынча башкарууга шайлоочулардын тизмесин даярдоого, шайлоорлорду уюштурууга, референдумдарды жана жашоочулар менен жолугушууларды уюштурууга жана өткөрүүгө көмөк көрсөтүүгө;

т) бекитилген аймактагы жашоочулардын таштандыларын жыйноону жана өз убагында ташып кетүүнү контролдоого;

у) калктын аз камсыз болгон катмарында социалдык коргоо боюнча иштерди уюштурууга катышат;

ф) аткаруу бийлигинин органдары менен биргеликте жашаган жери боюнча балдар, өспүрүмдөр, жаштар жана үй-бүлөлөр менен иштерди уюштурат.

х) жашоочуларды көрктөндүрүү, санитардык тазалоо, отургузуу, жашыл аянттарды сугаруу иштерин жүргүзүүнү уюштурат, зарыл болгон учурда кварталдын калкына табигый кырсыктарды жоюуну уюштурат;

ч) Кара-Суу шаарынын баардык кызматтары менен биргеликте иш алып барат, анын ичинде:

-мамлекеттик салык кызматы менен жергиликтүү салыкты чогултуу боюнча;

-Кара-Суу шаардык аскердик комиссариаты менен;

- Кара-Суу Таза-Суу муниципалдык ишканасы менен;

- Какра-Суу райондук электр тармактары ишканасы менен;

- газ чарбасы менен;

-Кара-Суу “Жылуулук” муниципалдык ишканасы менен;

-райондук социалдык коргоо башкармалыгы менен (жашоо-тиричилиги оор кырдаалга кабылган жарандарга, УАС катышуучуларына, майыптарга жана башка категориядагы жакырларга даректик жардам көрсөтүү);

- райондук билим берүү бөлүмү менен;

-саламаттыкты сактоо мекемеси менен;

-санитардык, эпидемиологиялык жана экологиялык өрттү контролдоо мекемелери менен;

-аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары менен (АКӨАБ) өз ара аракеттенет анын курамына квартал, аксакалдар соту жана аялдар кеңеши кирет;

ш) Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарында белгиленген башка ыйгарым укуктары.

3.2.Тийиштүү аймактын калкынын кызыкчылыгына тийиштүү маселелерди чечүүдө өз ыйгарым укуктарынын чегинен ашырып жиберген учурда, Кара-Суу шаар мэриясы тарабынан жазуу түрүндө эскертүү берилүүсү мүмкүн.

**IV. Кварталдык комитеттин эмгек акы фондусу**

4.1.Кварталдыккомитеттердинэмгекакыфондусу Кара-Суу шаардык кенеши аркылуу бекитилет.

4.2.Кварталдык комитеттердин айлык маянасы, түзүлгөн эмгек келишимди ннегизинде жүргүзүлөт.

**V. Жыйынтыктоочу бөлүк**

5.1. Бул Жобого толуктоолор жана өзгөрүүлөр Кара-Суу шаар мэриясынын сунуштарынын негизинде киргизилет жана Кара-Суу шаардык кеңеши тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ IV СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О МУ

18-февраль 2025– жыл № 4/1 Кара-Суу шаары

**“Жер аянтынын максаттык багытын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө”**

Кара-Суу шаар мэриясынын 2025-жылдын 17-февралындагы №01-13/477 сандуу чыгыш катын жана Кара-Суу шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 18-февралындагы отурумунун №3 протоколдук чечимин карап чыгып жана талкуулап шаардык кеңеш **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарынын Присавай айылындагы № 149 контурунда жайгашкан “Кайра бөлуштүрүү фондунун кысыр аңыз” жеринен 6,0 га жер аянтынын максаттык багыты “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан өндүрүштүк багыттагы ишкана куруу үчүн “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомду мыйзам чегинде аткаруу шаар мэриясына милдеттендирилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ,
КАРА-СУУ РАЙОНУ
КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ IV СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О М У**

18-февраль 2025– жыл № 4/2 Кара-Суу шаары

**“Жер аянтынын максаттык багытын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө”**

Кара-Суу шаар мэриясынын 2025-жылдын 17-февралындагы №01-13/477 сандуу чыгыш катын жана Кара-Суу шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 18-февралындагы отурумунун №3 протоколдук чечимин карап чыгып жана талкуулап шаардык кеңеш **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарынын Эркин айылындагы Кайра бөлүштүрүү фондунун сугат айдоо жеринен 6,24 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин Түштүк аскерлер тобунун №30629 аскер бөлүгүнүн кошумча имараттарын, техникаларын жайгаштыруу жана куруу үчүн “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Тиешелүү мекемелер менен иш кагаздарын тактоо жүргүзүү жана токтомду мыйзам чегинде аткаруу шаар мэриясына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ IV СЕССИЯСЫНЫН
**Т О К Т О МУ**

6-февраль 2025– жыл № 4/3 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарындагы маалыматтык жана жарнамалык түзүмдү жайгаштыруунун жана пайдалануунун эрежелерин бекитүү жөнүндө**

Кара-Суу шаарынын шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынын Кара-Суу шаарындагы имараттардын, курулмалардын фасаддардын сырткы көрүнүшү жана маалыматтык жана жарнамалык түзүлүштөрдү жайгаштыруу жан эксплуатациялоо эрежелери боюнча сунушун угуп жана талкуулап Кара-Суу шаардык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кара-Суу шаарындагы имараттардын, курулмалардын фасаддарынын сырткы көрүнүшү жана маалыматтык жана жарнамалык түзүлүштөрдү жайгаштыруу жана эксплуатациялоо эрежелери боюнча жобо бекитилсин (тиркемеге ылайык).

2. Бул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңешинин кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо, курулуш, турак жай, жер маселелери жана жаратылышты коргоо боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

Кара-Суу шаардык кеңештин
2025-жылдын « 18 » февраль № 4/3
Токтомуна №1 тиркеме

**Маалыматтык, жарнамалык конструкцияларды жайгаштыруу жана эксплуатациялоо, Кара-Суу шаар территориясындагы имараттардын, курулуштардын фасадынын тышкы көрүнүшү боюнча талаптар**

## 1. Жалпы жоболор

1. «Кара-Суу шаар территориясындагы имараттардын, курулуштардын фасадынын тышкы көрүнүшү боюнча талаптар, маалыматтык, жарнамалык конструкцияларды жайгаштыруу жана эксплуатациялоо эрежелери Кара-Суу шаар (мындан ары – Эрежелер)» жер участкаларында, имараттарда, курулуштарда жана кыймылсыз мүлк объектилеринде маалыматтык, жарнамалык конструкцияларды жайгаштыруунун жана эксплуатациялоонун эрежелерин жана талаптарын, маалыматтык, жарнамалык конструкциялардын демонтажынын тартибин, ошондой эле Кара-Суу шаар территориясындагы имараттардын, курулуштардын фасадынын тышкы көрүнүшүнө карата аткаруу үчүн милдеттүү жана бирдиктүү талаптарды белгилейт.

2. Ушул Эрежелер «Мамлекет аралык «ГОСТ 33027-2014» стандарт. Мамлекет аралык стандарт. Жалпы колдонуудагы автоунаа жолдору. Сырткы жарнама каражаттарын жайгаштыруу талаптарына», Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик тили жөнүндө», «Жарнама жөнүндө», «Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектурасы жөнүндө» Мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

3. Кара-Суу шаар территориясындагы имараттардын тышкы фасаддардын жасалгалоодо, аларга маалыматтык-жарнамалык конструкцияларды жайгаштырууда жана эксплуатациялоодо менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан бардык жеке жана юридикалык жактар ушул Эрежелерди сактоого милдеттүү.

4. Кара-Суу шаар территориясына маалыматтык-жарнамалык конструкцияларды жайгаштыруу паспорту бар имараттар менен курулуштарды эске албаганда Архитектура жана шаар куруу боюнча мамлекеттик органдын (мындан ары – Шаар куруу жана архитектура башкармалыгы) регионалдык жана аймактык Шаар куруу жана архитектура башкармалыктарына берилген Шаар куруу корутундуларына (мындан ары - ШК) ылйык жүзөгө ашырылат.

5. Маалыматтык, жарнамалык конструкциялардагы тексттер, анын ичинде ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын аталыштары алгач милдеттүү түрдө мамлекеттик тилде, андан кийин расмий тилде таризделет.

Жарнаманын мамлекеттик тилде даярдалган тексти мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылууга тийиш.

Расмий тилдеги тексттин шрифтинин өлчөмү чоңдугу боюнча мамлекеттик тилдеги тексттин шрифтинин өлчөмүнөн кичинерээк болушу керек жана анын оң же төмөн жагына жайгаштырылууга тийиш.

Жарнама тексттеринде белгиленген тартипте катталган товардык белгилер (тейлөө белгилери), типографиялык басмаканада терилген муундук литерлер (логотиптер) түп нускадагы тилде берилиши мүмкүн.

Жарнаманын жазуу жүзүндөгү жана оозеки тексттеринде кыргыз адабий тилинин ченемдери (орфоэпиялык жана орфографиялык эрежелер) так сакталууга тийиш.

6.Ушул Эрежелер жол кыймылын билдирүүчү белгилерге жана жол-көчө тармагындагы көрсөткүч белгилерге жайылтылбайт.

7. Имараттардын, курулуштардын ээлери жана аларды күтүү милдетин алышкан адамдар аларды эксплуатациялоонун техникалык талаптарын, ушул Эрежелерди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларын сактоого милдеттүү.

8. Ушул Эрежелер тарыхый-маданий мурас объектиси болуп саналган жана эл аралык, республикалык жана жергиликтүү маанидеги тарыхый жана маданий эстеликтердин тизмесине кирген имараттардын фасадына жайылтылбайт.

9. Турак жайлардын, курулмалардын ушул Эрежелердин талаптарына жооп бербеген фасаддары аларды реконструкциялоонун жана капиталдык оңдоонун алкагында талапка ылайык келтирилиши зарыл.

10. Берилген ыйгарым укуктардын чегинде ушул Эрежелерде берилген талаптардын аткарылышына контролдук кылат:

- шаар куруу жана архитектура башкармалыгы;

-жергиликтүү мамлекеттик администрациянын ыйгарым укуктуу органы.

11. Ушул Эрежелерди колдонулуучу түшүнүктөр:

акцент –өлчөм, форма, түс аркылуу композиция элементтерин бөлүп көрсөтүү ыкмасы;

шаар куруу корутундусу - маалыматтык-жарнамалык түзүлүштөрдү жайгаштыруу жана эксплуатациялоо боюнча тексттик, графикалык материалдарды жана техникалык талаптарды камтыган документ;

архитектуралык-мейкиндик чөйрө – каралып жаткан территорияны же объектти курчап турган жана территорияны же объектти чөйрөнүн бир бөлүгү катары көрсөтүүчү имараттардын, курулмалардын жана элементтердин чөйрөсү;

архитектуралык чечим - курулуш документациясынын архитектуралык бөлүгүндө жазылган жана курулган архитектуралык объектте ишке ашырылуучу архитектуралык объекттин, анын тышкы жана ички көрүнүшүнүн, мейкиндик-пландык жана функционалдык уюштурулушунун автордук концепциясы;

ачык жана жабык мейкиндиктердин балансы - фасаддын, анын бөлүктөрүнүн, колористикалыык чечимдеринин визуалдык композициялык балансы;

брандмауэр – өрттүн жайылышына жол бербөө үчүн бир  же бир нече имараттардын араларын бөлүп туруучу фасаддын бардык элементи аркылуу өтүүчү каптал же короо фасадынын туюк, капиталдык дубалы. Жанаша жайгашкан курулуштардан бийикти жана терезелеринин жоктугу менен айырмаланат;

визуалдык кабыл алуу – фасаддын жана курчап турган шаар куруу чөйрөсүнүн, территориянын пландалган структурасынын  (бүтүндөй жана айрым бөлүктөрүнүн) өзгөчөлүктөрүнүн адам тарабынан аныкталышы жана кабыл алынышы, кабыл алуу шарттарына ылайык объект образынын түзүлүшү;

визуалдык маалымат–адам тарабынан визуалдык түрдө кабыл алынган мазмун, маани жана образ. Визуалдык маалымат предметтердин формасы, жайгашуусу, катыштыгы, графикалык белгилердин жана символдордун сүрөттөлүшүнүн мүнөзү, шрифттин формасы, түстүн жана жарыктандыруунун мүнөзү аркылуу берилүүчү спецификалык образдуу мазмунга ээ.

маалыматтык, жарнамалык конструкциялардын ээси – маалыматтык, жарнамалык конструкциялардын менчик ээси болуп саналган жеке же юридикалык жак, же маалыматтык жана жарнамалык конструкциялар боюнча буюм укугуна ээ башка жак;

шрифттин гарнитурасы–бир шрифттин жалпы дизайн аркылуу бириктирилген жана белгилүү бир аталышка ээ сүрөттөлүшүнүн жыйындысы.

имараттын, курулманын короо фасады - имараттын линиясынан тышкары жайгашкан жана ачык мейкиндиктер менен визуалдык түрдө байланышпаган фасады;

маалымат талаасы – объекттин түздөн-түз маалымат берүү үчүн арналган конструктивдүү бөлүгү. Маалымат талаасынын түздөн-түз маалымат жайгаштырылуучу аянты (чоңдугу) – аталган конструктивдүү бөлүктүн бийиктиги жана узундугу.

карниз –фасаддын горизонталдуу түрдө чыгып туруучу элементи, дубалдын, бүткөрүлүп жаткан имараттын, курулманын, курулуштун же кабаттын үстүңкү чыгып туруучу бөлүгү;

композиция –көркөм чыгарманы тургузуунун негизи, курулуш системасы, негизги элементтерди жана бөлүктөрдү белгилүү бир ырааттуулукта жайгаштыруу, мында бардык бөлүктөр функционалдык

жактан гана эмес, автордун идеясы жана ниети менен да байланышкан. Композицияны түзүүдө колдонулган көркөм каражаттар: сызык, тегиздик, түс, көлөм, мейкиндик. Композицияны гармонизациялоонун каражаттары: пропорция, симметрия, ритм, масштаб, контраст, нюанс;

композициялык бүтүндүк - объекттин архитектуралык долбоору, конструкциясы жана мейкиндик долбоору, ошондой эле анын бирдиктүү бүтүндү түзгөн айрым бөлүктөрүнүн өз ара байланышы. Композициялык бүтүндүк композиция элементтеринин кайсы биринин бүтүнгө зыян жаратпастан алмаштырылышы же өзгөртүлүшү мүмкүн эместиги менен мүнөздөлөт;

кернинг - тамгалардын ортосундагы аралыкты формасына жараша тандап өзгөртүү. Кернинг эки тамганын ортосундагы аралык визуалдык жактан бирдей болушун камсыз кылуу үчүн колдонулат;

тактык (лаконичность) - композициянын сапаты, мында сүрөттө байкоочуга маанилүү маалыматты жеткирүү үчүн зарыл болгон элементтер гана камтылган. Негизги композициялык элементтерге карата жасалган керектүү визуалдык басым ашыкча, алагды кылуучу деталдарды алып салуу аркылуу ийгиликтүү жүзөгө ашырылат;

имараттын, курулманын алдыңкы фасады - имараттын линиясында жайгашкан же ачык мейкиндиктер менен визуалдык түрдө байланышкан имараттын фасады;

масштабдуулук (сомасштабдуулук) –объект көлөмүнүн адам боюна карата түзүлүшү: архитектуралык курулманын, скульптуранын, аббатоо элементтеринин же алардын бөлүктөрүнүн;

арип стили – бир гарнитуранын курамына кирүүчү жасалгаланган шрифттин модификациясы. Арип стили тыгыздыгы боюнча айырмаланат – кууш, кадыресе, кең; каныгуусу боюнча – жарык, жарым-жартылай кара, кара; жантаюус боюнча – түз, курсивдүү;

имараттын көлөмдүк-мейкиндиктик чечими - имараттын көлөмүнүн тышкы формасы;

пластика, пластикалуулук–архитектура, графика, живописке мүнөздүү көлөмдүн, форманын көркөм экспрессивдүүлүгү. Пластикалуулук бир форманын, көлөмдүн экинчисине, объекттин, курулманын же ансамблдин бирдиктүү бир бүтүн образын түзүү үчүн имараттын бир бөлүгүнөн экинчисине ыраattуу түрдө өтүүсүн туюндурат;

имараттын фасадынын паспорту – кыймылсыз мүлк объектисинин бардык башкы параметрлерин чагылдыруучу техникалык документ жана архитектуралык техникалык чечим. Ал аркылуу имараттын көрүнүшү, айлана-чөйрөгө шайкештиги, жалпы көрүнүштү бузбай тургандыгы аныкталат.

маалыматтык, жарнамалык конструкциялардын объекттеринин реестри – калктуу конуштардын территориясындагы маалыматтык, жарнамалык конструкциялардын болгон объекттери боюнча маалымат;

жарнама аянтчасы – жарнактарды чагылдыруу жана жайылтуу үчүн колдонулуучу жарнактык конструкциялардын аянты;

жарнама жайылтуучу – ушул Эрежелерге ылайык түрдө форманы түрдүү каражаттарды колдонуу менен жарнамалык маалыматтык жайгаштыруучу жана (же) жайылтуучу жеке жана юридикалык жак;

ритм – мүнөзү боюнча салыштырылуучу ар кыл элементтердин же формалардын белгилүү бир мыйзам чегинде кезектелиши жана аларды белгилүү бир тартипке келтирүү (алардын жайгаштырылышынын жана кезектелишинин тартиби);

симметрия - бир нерсенин бөлүктөрүнүн борборго, ортого карата пропорционалдуу түрдө жайгашуусу;

пропорционалдык жана шайкештик - бүтүндөй объекттин, анын бөлүктөрүнүн жана алардын элементтеринин ортосундагы белгилүү бир байланыш, мында бардык элементтер өз ара тең салмакта болот;

социалдык жарнак - адамдардын белгисиз бир чөйрөсүнө багытталган маалымат, кайрымдуулук жана коомдук пайдалуу максаттарга жетишүүгө, ошондой эле мамлекеттин кызыкчылыктарын камсыз кылууга багытталат;

стилдик бүтүндүк – архитектуралык формалардын, фасад элементтеринин жана композициялык каражаттардын тарыхый жана идеялык жактан калыптанып калган биримдиги, социалдык маселелердин, материалдык-техникалык мүмкүнчүлүктөрдүн жана коомдук идеялык, эстетикалык көз караштардын мүнөзү.

унификация –ар кандай типтеги объекттерди стандарттык өлчөмдөрдүн, формалардын жана касиеттердин рационалдуу диапазонуна жеткирүү. Унификациянын негизги максаты – бул ар бир вариантты өз-өзүнчө долбоолоо жана өндүрүү зарылчылыгын жоюу болуп саналат. Унификация предмметтик-мейкиндик чөйрөнүн композициялык жана конструктивдүү бирдигине жетүү каражаты болуп саналат.

ыйгарым укуктуу орган –жергиликтүү мамлекеттик администрациянын маалыматтык, жарнамалык конструкцияларды жайгаштыруу, сырткы жарнама жана маалыматтарды жайылтуу маселелерин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укукка ээ кылынган ведомство алдындагы бөлүмү;

фасад –имараттын же курулуштун, курулманын сырткы вертикалдуу кыртышы. Курулманын түрүнө жана анын планынын формасына, жайгашкан ордуна жараша алдыңкы, каптал жана короо фасаддарын айырмалашат.

фирмалыкстиль –ишкананын ишмердүүлүгү жана анын продукциясы менен байланышкан белгилүү бир мүнөздөгү туруктуу визуалдык образды түзүү максатында белгилүү бир ишкана же уюм үчүн атайын иштелип чыккан объекттердин, каражаттардын, символдордун жыйындысы;

маалыматтык, жарнамалык конструкциялардын эскиздик долбоору - маалыматтык-жарнак түзүмүнүн так жайгашкан жери, өлчөмдөрү жана андагы сүрөттөр жөнүндө маалыматтарды камтыган тексттик жана графикалык формадагы документтердин жыйындысы (графикалык материал же фотомонтаж);

имараттын фасадынын эскиздик долбоору - терезелерди, витриналарды, кире бериштерди жекече жабдуу жана долбоорлоо, маалымат элементтерин жана түзүлүштөрдү жайгаштыруу, имараттардын жана курулмалардын фасадынын түс схемасы.

## 2. Зоналаштыруу

12. Кара-Суу шаар  территориясынын калктуу архитектуралык-эстетикалык чөйрөсү 2 зонага бөлүнөт: Кара-Суу шаарынын так регламенттеги зона - көчөлөр менен чектелген, Кара-Суу шаарынын борбордук бөлүгүн, Кара-Суу шаардык  борбордук көчөлөрдү камтыйт;

Кара-Суу шаарынын  көчөлөрү менен чектелген жана калган территорияны камтуучу жалпы регламенттеги зона, так регламенттеги зонаны эске албаганда.

Жарнамалык түзүлүш кайда жайгаштырыла тургандыгы жөнүндө чечим жергиликтүү аймакты зоналаштыруу боюнча кабыл алынат.

13. Так жөнгө салуу зонасына Кара-Суу шаар  аймагынын борбордук бөлүгү, борбордук көчөлөр жана негизги магистралдар, эл аралык, республикалык жана жергиликтүү маанидеги тарых жана маданият эстеликтеринин тизмесине кирген тарыхый жана маданий мурастардын эстеликтери кирет.

14. Жалпы регламентациядагы зонага так регламенттеги зонаны эске албаганда территориянын калган бардык бөлүгү кирет. Жалпы регламентация зонасындагы көрнөктөрдүн бийиктиги 0,8 метрден ашпоого тийиш.

## 3. Фасаддын паспортун тариздөө тартиби

15. Имараттардын жана курулмалардын фасаддарынын сырткы көрүнүшү ушул Эрежелерде жана имараттын, курулманын фасадынын паспортунда (мындан ары - фасад паспорту) белгиленген талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

16. Имарттардын, курулмалардын фасадынын тышкы көрүнүшүнө болгон жалпы талаптар ар бир имарат, курулма үчүн өз-өзүнчө даярдала турган фасаддын паспорту тарабынан аныкталат жана анда имараттын, курулманын курулушу боюнча долбоордук документтердин курамында даярдалган архитектуралык чечим эске алынат.

17. Имараттын, курулмалардын архитектуралык чечими жок учурларда фасаддын паспорту имараттын, курулманын көлөмдүк-мейкиндиктик чечимине, стилдик өзгөчөлүктөрүнө ылайык даярдалат, мындай шартта архитектуралык-мейкиндик чөйрө жана анын визуалдык  мүнөзү, композициялык жана стилдик бүтүндүгү, унификация, пропорционалдуулук, горизонталдык жана вертикалык түркүктөр системасына, симметриясына жана ритмине шайкештиги эске алынат.

18. Фасаддын паспортундагы фасаддын түстүк схемасын аныктоо үчүн фасаддын колористикасын эске алуу зарыл. Бул үчүн жана фасаддын комплекстүү түстүк схемасы кайсы бир түс же анын тоналдык градациясы менен бир белгиде болуу үчүн жалаң гана пастельдик түстөрдү пайдалануу менен көчө жана кварталдык курулуштардын контекстиндеги курулуштардын түсүнө анализ өткөрүү зарыл.

19. Фасаддын паспорту ушул Эрежелерде белгиленген тартиптеги фасад паспортунун типтүү формасына ылайык шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалык тарабынан даярдалат.

20. Шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалык фасаддын паспортун акы төлөнүүчү негизде даярдайт.

21. Фасаддын паспорту башкармалыктын начальниги тарабынан бекитилет.

22. Фасаддын паспортун даярдоо үчүн жеке жана юридикалык жактар шаар куруу жана архитектура башкармалыгына арыз менен кайрылышат. Арыздарды кабыл алуу жана аларды караштыруу «Бирдиктүү терезе» принциби боюнча жүзөгө ашырылат.

Арызда көрсөтүлөт:

а) арыз ээси тууралуу маалымат (паспорттогу маалыматтар, байланыш номуру, ишеним кат);

б) имараттын, курулуштардын жайгашкан орду;

в) ниеттердин, максаттардын сүрөттөлүшү;

г) кыймылсыз мүлк бирдигине карата (имаратка, курулмаларга) укук берүүчү жана укук белгилөөчү документтердин көчүрмөсү;

д) эскиздик долбоор.

Пайдалануучу/ижарага алуучу фасаддын паспортун даярдоо үчүн шаар куруу жана архитектура башкармалыгына арыз менен өз алдынча кайрыла алат.

Арызда көрсөтүлөт:

Арыз ээси тууралуу маалымат (байланыш телефону, паспорт, эгерде арыз ээси юридикалык жак болсо уюштуруруучунун документтердин көчүрмөлөрү);

Арыз ээси менен имарат же курулма эсэсинин, же анын курамдык бөлүгүнүн ортосундагы ижара келишиминин көчүрмөсү.

23. Шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалык арыз ээсине арыздын кабыл алынгандыгы жөнүндө ырастама берет.

24. Шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалык 30 жумуш күндүн ичинде ушул Эрежелердин талаптарына ылайык фасад паспортун даярдап берет.

25. Зарылчылыгына жараша Шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыктын өкүлдөрү имараттарды, курулмаларды жеринен барып көрөт жана бул үчүн арыз ээсинин өкүлдөрүн тартат.

26. Имараттар, курулмалар тарыхый-маданий мурастардын объектилеринин корголуучу зонасында жайгашкан учурларда фасад

паспортунун долбоору бекитилгенге чейин милдеттүү түрдөэстеликтерди коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылуусу керек.

Ошол эле учурда ушул Эреженин 24-пунктунда көрсөтүлгөн фасаддын паспортун даярдоонун жалпы мөөнөтү эстеликтерди коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын макулдашылуусуна чейин узартылат.

27. Фасад паспортун даярдоо бүтүндөй имараттын, курулманын фасады үчүн жүзөгө ашырылат жана анда киреш бериштердин, витриналардын, маалыматтык элементтердин, түзүлүштөрдүн, жарнамалык конструкциялардын ушул Эрежелерге шайкештиги эске алынат.

28. Жеке эскиздик долбоордун ушул Эрежелердин талаптарына шайкеш келүүсүндө Шаар куруу жана архитектура башкармалыгы фасаддын паспортун жеке эскиздик долбоордун негизинде жана ушул Эрежелерде белгиленген тартипте даярдайт жана бекитет.

29. Имараттын, курулманын фасадын өзгөртүү фасад паспортуна дал келүүгө тийиш. Фасад паспортуна туура келбеген фасадды өзгөртүүгө жаңы фасад паспорту даярдалып жана бекитилмейинче жол берилбейт.

30. Имараттын же курулманын фасадын өзгөртүү үчүн жеке жана юридикалык жактар фасаддын архитектуралык чечиминин эскизи, ошондой эле зарылчылыгына жараша долбоордун авторунун кат жүзүндөгү макулдугу менен шаар куруу жана архитектура башкармалыгына кайрылышат.

## 4. Терезелер жана витриналар

31. Терезе жана витриналардын түзүлүшүнө, жабдылышына карата коюлуучу талаптар төмөнкүлөр аркылуу аныкталат:

фасаддын паспорту;

имараттардын, курулмалардын архитектуралык-көркөм баалуулугу;

имараттарды пайдалануу мүнөзү, максаты;

имараттардын жана курулмалардын негизги жүк көтөрүүчү конструкцияларынын техникалык абалы.

32. Терезелерди жана витриналарды жекече жабдуу жана жасалгалоо ушул Эрежелердин 28-30-пункттарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

33. Терезелерди жана витриналарды өзгөртүүгө, анын ичинде дизайнын, сырткы көрүнүшүн, түс схемасын өзгөртүү, терезе ордуларын алып салуу, алардын өлчөмдөрүн жана конфигурациясын өзгөртүү, витриналык конструкцияларын орнотуу менен байланышкан иш-аракеттер ушул Эрежелердин 29-30-пункттарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

34. Терезелердин түрлөрү жана жайгашуусу имараттын, курулманын конструктивдүү системасы, фасаддын паспорту, имараттын, курулмалардын планировкасы, багыты аркылуу аныкталат.

35. Жайгашкан жери боюнча аныкталат:

алдыңкы фасаддын витриналары;
алдыңкы фасаддын терезелери;
короо фасаддарынын терезелери;
подвалдык кабаттын терезелери;
туюк дубалдарда, брандмауэрлерди жайгашкан терезелер;
мансарддык терезелер;
чатырда жайгашкан терезелер (слуховые, чердачные).

36. Фасаддагы терезелердин жана витриналардын жайгашуусу, алардын габариттери, түзүлүш мүнөзү жана сырткы көрүнүшү фасад паспортуна шайкеш келүүсү керек.

37. Ушул Эрежелерде белгиленген учурларды эске албаганда терезе жана витриналарды жайгаштыруу, габариттерин өзгөртүү, жаңы терезе ордуларын орнотуу же түрүнө жана жайгашкан ордуна карабастан мурдагыларын алып салуу менен фасаддын паспортунда аныкталган фасад композициясын бузууга жол берилбейт.

38. Көчөдөн көрүнө тургандай кылып туюк дубалдарга, короо фасаддарына терезелерди оюуга, терезе ордуларынын архитектуралык профилин толтурууга, откосторунун тереңдигин өзгөртүүгө, жасалма терезелерди орнотууга, терезе ордуларын бөлүктөргө бөлүүгө жол берилбейт.

39. Жоголгон терезе тешиктерин калыбына келтирүү, тосулган тешиктерди ачуу, ошондой эле фасаддын баштапкы архитектуралык дизайнын калыбына келтирүү боюнча иш-чаралар ушул Эрежелердин 28-30-пункттарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

